германия
кызматташтыгы
DEUTSCHE ZUSAMMENARBEIT

Даярдоочу:
giz Deutsche Gesellschaft für Internationale Zusammenarbeit (GIZ) GmbH

Кызматташтыкта:
Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министирлиги
Башталгыч жана орто кесиптик билим берүү агенттиги
Билим берүү программаларын жана уюмдарын аккредитациялоо агенттиги



# Кыргыз Республикасында башталгыч жана орто кесиптик билим берүү окуу жайларын жана программаларын көз карандысыз аккредитациялоо боюнча колдонмо

**Даярдоочу**
Deutsche Gesellschaft für Internationale Zusammenarbeit (GIZ) GmbH

Башкы кеңселери Бонн жана Эшборн шаарлары, Германия
GIZ «Кесиптик-техникалык билим берүү жана иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү» Программасы

720040, Бишкек, Кыргызстан
Токтогул көч., 98/2
Т.: +996 312 901325 Ф.: +996 312 906553 giz-kirgisistan@giz.de www.giz.de

**Басылып чыкты**

___________________________________

**Дизайн**
Spark Design & Communication

**Сүрөттөр**
GIZ Программасынын архиви

**Автору**
Бактыбек Исмаилов, GIZ «Кесиптик - техникалык билим берүү жана иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү» Программасынын улуттук эксперти

**GIZ Программасынын жумушчу тобу**
Др. Агнес Волльшлегер, Гульзада Дуйшебаева, Жийде Жээнбаева, Сусаркуль Алынбекова, Жумакадыр Мамытканов

**Басылып чыгарылган датасы**
2016-жылдын октябрь айына карата

Бул басылманын мазмунуна GIZ «Кесиптик - техникалык билим берүү жана иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү» Программасы жоопкерчилик тартпайт.

Башталгыч жана орто кесиптик билим берүү окуу жайларын жана программаларын көз карандысыз аккредитациялоо боюнча колдонмо GIZ «Кесиптик - техникалык билим берүү жана иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү» Программасынын алкагында Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министирлигине караштуу Башталгыч жана орто кесиптик билим берүү агенттиги, Билим берүү программаларын жана уюмдарын аккредитациялоо агенттиги менен кызматташтыкта, Германиянын Экономикалык кызматташуу жана өнүгүү федералдык министрлигинин (BMZ) каржылоосу менен түзүлгөн. Колдонмо аккредитациялык агенттиктердин кызматкерлери, эксперттери, башталгыч жана орто кесиптик билим берүү окуу жайлардын жетекчилери, окутуучулары жана окуучулары үчүн, ошондой эле жумуш берүүчүлөр, окуучулардын ата-энелери, Улуттук аккредитациялык кеңештин мүчөлөрү үчүн арналат.

Оглавление

**КИРИШ СӨЗ ..... 4**

**КЫСКАРТУУЛАРДЫН ТИЗМЕСИ ..... 6**

**1. КИРИШҮҮ ..... 7**

**2. АККРЕДИТАЦИЯЛООНУН ЭТАПТАРЫ ..... 10**

**3. АККРЕДИТАЦИЯЛАНУУЧУ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМДАРЫНА КОЮЛУУЧУ МИНИМАЛДУУ ТАЛАПТАР ..... 14**

**4. ТЫШКЫ БАЛООНУ ЖҮРГҮЗҮҮ ҮЧҮН ОКУУ ЖАЙГА ЭКИ КҮНГӨ БАРУУНУН ПРОГРАММАСЫ ..... 20**

**5. КЕСИПТИК ОКУУ ЖАЙЫНЫН АККРЕДИТАЦИЯГА ДАЯРДАНУУСУНУН ЖАНА ӨТҮҮСҮНҮН ТАРТИБИ ..... 21**

**6. КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ЖАНА ОКУУ ЖАЙЛАРЫН ӨЗҮН-ӨЗҮ БААЛОО БОЮНЧА ОТЧЁТУН ЖАЗУУДАГЫ СУНУШТАМАЛАР ..... 22**

**7. ЭКСПЕРТТИН БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ЖАНА ОКУУ ЖАЙЛАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО БОЮНЧА ИШКЕ ДАЯРДЫГЫ ТУУРАЛУУ АРЫЗЫ ..... 25**

**8. ЭКСПЕРТТЕР ҮЧҮН КОЛДОНМО ..... 26**

**9. ЖЫЙЫНТЫКТООЧУ ОТЧЁТТУ ЖАЗУУ БОЮНЧА ЭКСПЕРТТИК КОМИССИЯ ҮЧҮН МЕТОДИКАЛЫК СУНУШТАМАЛАР ..... 28**

**10. КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ ОКУУ ЖАЙЛАРЫН ЖАНА ПРОГРАММАЛАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО БОЮНЧА РЕФЕРЕНТТЕР ҮЧҮН КОЛДОНМО ..... 31**

**11. АККРЕДИТАЦИЯЛЫК АГЕНТТИКТИН АЛДЫНДАГЫ АККРЕДИТАЦИЯЛЫК КЕНЕШ ТУУРАЛУУ ЖОБО ..... 32**

**12. КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ЖАНА ОКУУ ЖАЙЛАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО БОЮНЧА ЧЕЧИМДЕРДИ КАБЫЛ АЛУУНУН ЭРЕЖЕЛЕРИ ..... 34**

**13. КЕСИПТИК ОКУУ ЖАЙЛАРЫН ПРОГРАММАЛАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛООНУН НАТЫЙЖАЛАРЫ ..... 35**

**14. САБАККА БАЙКОО ЖҮРГҮЗҮҮНҮН ФОРМУЛЯРЫ ..... 36**

**15. КЕСИПТИК ОКУУ ЖАЙЛАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО ПРОЦЕССИНДЕ ИНТЕРВЬЮНУН КАТЫШУУЧУЛАРЫНА КАРАТА БОЛЖОЛДУУ КАЙРЫЛУУ ..... 38**

## КИРИШ СӨЗ

**Кыргыз Республикасынын (КР) жана Германия Федеративдик Республикасынын (ГФР) Өкмөттөрүнүн ортосундагы сүйлөшүүлөрдүн негизинде Эл аралык кызматташтык боюнча Герман коомунун «Кесиптик-техникалык билим берүү жана иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү» Программасы (GIZ GmbH) кесиптик билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоону, алардын сапатын камсыздоону пилоттук негизде киргизүүнү 2010-жылдан тартып жүзөгө ашырып келет.**

Кыргызстандын жарандык, экономикалык жана мамлекеттик секторлорунун өкүлдөрүнүн катышуусу менен башталгыч жана орто кесиптик билим берүү уюмдарын жана программаларын көз карандысыз аккредитациялоону киргизүүгө көмөк көрсөтүү GIZ Программасынын негизги компоненттеринин бири болуп саналат.

Өкмөттөр аралык сүйлөшүүлөрдүн негизинде Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин (КР ББжИМ), Кыргыз Республикасынын Эмгек, иш менен камсыз кылуу жана миграция министрлигине (КР ЭИКжМ) караштуу Кесиптик-техникалык билим берүү агенттигинин (КТББА, азыркы учурда Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине караштуу Башталгыч жана орто кесиптик билим берүү агенттиги - КР ББжИМ БОКББА), Кыргыз Республикасынын Соода-өнөр жай палатасынын жана GIZ «Кесиптиктехникалык билим берүү жана иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү» Программасынын ортосунда долбоорду жүзөгө ашыруу тууралуу Макулдашууга 2010-жылдын 2-февралында кол коюлган.

2010-жылдын 28-июнунда GIZ «Кесиптиктехникалык билим берүү жана иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү» Программасынын, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин, Кесиптик-техникалык билим берүү агенттигинин, Кыргыз Республикасынын Соода-өнөр жай палатасынын, Эл аралык ишкерлер кеңешинин, Жеңил өнөр жай ассоциациясынын, Ишкерлер союзунун, Кыргызстан профсоюздар Федерациясынын жана EdNet билим берүү уюмдарынын ассоциациясынын ортосунда, башталгыч жана орто кесиптик билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоонун жана алардын сапатын камсыз кылуунун эл аралык стандарттарга багытталган жумушчу моделин пилоттук негизде киргизүү тууралуу Макулдашууга кол коюлган.

2009- жана 2011-жылдары GIZ Программасы Кыргызстандын адистери үчүн Германиянын кесиптик билим берүүнү аккредитациялоо тутумун (системасын) тааныштыруу иретинде иш сапарларын уюштурган. 2009-2011-жж. долбоордун алкагында Башталгыч жана орто кесиптик билим берүүнү аккредитациялоо жана тастыктоо (сертификациялоо) боюнча кеңештин мүчөлөрү, окуу жайлардын, жумуш берүүчүлөрдүн, жарандык коомдун өкүлдөрү аккредитациялоо процесси менен таанышкан жана Кыргызстанда көз карандысыз аккредитациялоо тутумун түзүү маселелерин талкуулоо боюнча бир нече жолу кереге отурумдар жана семинарлар өткөрүлгөн. GIZ Программасы тарабынан Башталгыч жана орто кесиптик билим берүүнү аккредитациялоо жана тастыктоо (сертификациялоо) боюнча кеңештин иш алып баруусу үчүн Кесиптик-техникалык билим берүү агенттигинин имаратындагы үч бөлмөгө оңдоп-түзөө иштери жүргүзүлүп, керектүү жабдуулар сатылып алынган жана орнотулган.

2010- 2011-жж. аралыгында Башталгыч жана орто кесиптик билим берүүнү аккредитациялоо жана тастыктоо (сертификациялоо) боюнча кеңеш тандалып алынган 4 кесиптик лицейде жана 2 колледжде пилоттук аккредитациялоону өткөрүү үчүн тиешелүү ченемдик (нормативдик) документтердин топтомун иштеп чыккан. Бул документтер аккредитациялоо алкагындагы европалык стандарттардын жана Германиянын тажрыйбасынын негизинде иштелип чыккан. Документтер көп ирет Кеңештин отурумдарында, семинарларда, аккредитациялоо боюнча герман адистери менен жолугушууларда талкууланган жана Башталгыч жана орто кесиптик билим берүүнү аккредитациялоо жана тастыктоо (сертификациялоо) боюнча кеңеш тарабынан расмий бекитилген.

2012-жылы тандалып алынган 6 пилоттук окуу жайда, анын жыйынтыктарын кеңири талкуулоо менен, пилоттук аккредитациялоо жүргүзүлгөн. GIZ Программасы 2013-жылдын июлунда Кыргыз

Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» Мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү менен чагылдырылган көз карандысыз аккредитациялоону мыйзамдаштырууга өз салымын кошкон.

2014-жылы GIZ «Кесиптик-техникалык билим берүү жана иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү» Программасынын экинчи фазасы башталган. GIZ Программасынын жыйынтыктарынын туруктуулугун

камсыздоо максатында Башталгыч жана орто кесиптик билим берүүнү аккредитациялоо жана тастыктоо (сертификациялоо) боюнча кеңештин ордуна, анын мураскору катары, Билим берүү программаларын жана уюмдарын аккредитациялоо боюнча агенттиги түзүлгөн.

2014-2015-жж. GIZ Программасы көз карандысыз аккредитациялоону киргизүү үчүн керектүү Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилген «Билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоонун тартиби», «Билим берүү жаатындагы аккредитациялык агенттиктерди таануунун тартиби»сыяктуу документтерди иштеп чыгууга чоң салым кошкон. Мындан тышкары, GIZ Программасы «Кыргыз Республикасынын аккредитацияланууучу башталгыч, орто жана жогорку билим берүү уюмдарына коюлуучу минималдуу талаптарды» иштеп чыгууга активдүү катышкан. Бул минималдуу талаптар ESG – 2015 жаңыланган европалык стандарттардын негизинде иштелип чыккан. Башталгыч жана орто кесиптик билим берүүнү аккредитациялоо жана тастыктоо (сертификациялоо) боюнча кеңеш тарабынан 2012жылы кабыл алынган, пилоттук аккредитациялоо боюнча бардык ченемдик (нормативдик) документтер, топтолгон тажрыйбаны эске алуу менен, толук бойдон кайра каралып чыккан.

Билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоо боюнча агенттик GOPA консалтинг компаниясы менен биргеликте 2015-жылы 5 колледжди жана 10 кесиптик лицейди, 2016-жылы 1 колледжди жана 6 кесиптик лицейди пилоттук аккредитациялоодон өткөргөн. GOPA консалтинг компаниясы Кыргызстандагы көз карандысыз аккредитациялоо тутумун (системасын) өнүктүрүүгө өз салымын кошкон. Анын эксперттери пилоттук аккредитациялоонун жыйынтыктарын талдоодо (анализдөөдө) чоң жардам көрсөтүшкөн, ал болсо аккредитациялоо процедурасын бир кыйла өнүктүрүүгө мүмкүндүк берди. Мындан сырткары, бул талдоонун (анализдөөнүн) негизинде аккредитация боюнча бардык ченемдик жана усулдук документтер кайрадан иштетилип чыкты. Алар окуу жайларды, эксперттерди жана референттерди пилоттук аккредитациялоо учурундагы окутууда таасирдүү жардам берди.

Бул колдонмодо сунушталган башталгыч жана орто кесиптик билим берүү программаларын жана окуу жайларын аккредитациялоо боюнча иштелип чыккан ченемдик (нормативдик) документтердин топтому аккредитациялык агенттиктин кызматкерлери, эксперттер, референттер, башталгыч жана орто кесиптик билим берүү окуу жайлардын жетекчилери, окутуучулары, кызматкерлери, окуучулары үчүн, ошондой эле жумуш берүүчүлөр, окуучулардын ата-энелери, министрликтердин, ведомстволордун кызматкерлери, Улуттук аккредитациялык кеңештин мүчөлөрү жана өлкөнүн жалпы эле коомчулугу үчүн арналат.

Аккредитациялык агенттиктин алдындагы Аккредитациялык кенеш тууралуу жобо аккредитациялык агенттиги тарабына бекитилет, ал, албетте, бул колдонмодо берилген жободон айырмаланып турушу ыктымал. Мындай жагдай колдонмодо берилген башка документтерге да тийешелүү. Ар бир аккредитациялык агенттик өзүнүн өзгөчөлүктөрүн негиздеп колдонмодо берилген документтерге өзгөртүүлөрдү киргизе алат.

Бул документтер 2012-жылдагы документтердин негизинде 2012-2016-жж. пилоттук аккредитациялоонун жыйынтыктарын эске алуу менен толук иштелип чыккан жана окуу жайлардын эффективдүүлүгүн жогорулатуу жана кесиптик билим берүүнүн сапатын үзгүлтүксүз жакшыртуу максатында аларды кийин дагы пайдалануу үчүн сунушталат.

| | |
|---|---|
| **Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине караштуу Башталгыч жана орто кесиптик билим берүү агенттигинин директору** | **Билим берүү программаларын жана уюмдарын аккредитациялоо агенттигинин директору, GIZ «Кесиптик-техникалык билим берүү жана иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү» Программасынын улуттук эксперти** |
| **Т. А. Чолпонкулов** | **Б. И. Исмаилов** |

# КЫСКАРТУУЛАРДЫН ТИЗМЕСИ

**АА –** Аккредитациялык агенттик

**АК –** Аккредитациялык кеӊеш

**ББПжУАА –** Билим берүү программаларын жана уюмдарын аккредитациялоо агенттиги

**КТББА –** Кесиптик-техникалык билим берүү агенттиги

**КР ББжИМ БОКББА –** Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине караштуу Башталгыч жана орто кесиптик билим берүү агенттиги

**BMZ –** Германиянын экономикалык кызматташтык жана өнүктүрүү боюнча Федералдык министрлиги

**BFUG –** Болон процессин координациялоо тобу

**GIZ –** Эл аралык кызматташтык боюнча Герман коому
(Deutsche Gesellschaft für internationale Zusammenarbeit (GIZ) GmbH)

**EdNet –** Билим берүү уюмдарынын ассоциациясы

**ENQA –** Жогорку билим берүүдө сапатка кепилдик берүүчү европалык ассоциация (The European Association for Quality Assurance in Higher Education)

**EQAR –** Аккредитациялык агенттиктердин европалык реестри
(The European Quality Assurance Register for Higher Education)

**ESG –** Жогорку билим берүүнүн Европа мейкиндигиндеги сапат кепилдиги үчүн
2015-жылы кабыл алынган стандарттары жана сунуштамалары
(European Standards and Guidelines)

**ЭИК –** Эл аралык ишкерлер кеӊеши

**КР ЭИКжМ –** Кыргыз Республикасынын Эмгек, иш менен камсыз кылуу жана миграция министрлиги, азыркы учурда – КРнын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлиги

**КР ББжИМ –** Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги

**УАК –** Улуттук аккредитациялык кеӊеш

# 1. КИРИШҮҮ

**Экономиканын өнүгүшүнүн жана өлкөнүн гүлдөшүнүн факторлорунун бири болуп жогорку квалификациялуу кадрлардын болуусу жана алардын ар дайым өркүндөп туруусу маанилүү экени баарыбызга маалым. Биздин өлкөдө кесипкөй кадрларды башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүү окуу жайлары даярдап келишет. Бирок, кесиптик билим берүүнүн сапаты дүйнөлүк стандарттарга туура келбейт.**

Биздин өлкөдө, кесиптик билим берүүнүн сапатын баалоо үчүн билим берүү программалырын мамлекеттик аттестациялоо жол- жобосу (процедурасы) негизги курал катары колдонулуп келген, бирок ал бир катар ири кемчиликтерге ээ болгон.

**Биринчиден,** мамлекеттик аттестация бир тараптуу ведомстволук мүнөздө болгон, себеби эксперттер, негизинен, билим берүү тутумунан (системасынан) тартылышкан.

**Экинчиден,** аттестацияны мамлекеттик органдар, экономика жана жарандык коом секторун дээрлик катыштырбастан эле өткөрүшкөн жана ал боюнча чечимдерди кабыл алып келишкен.

**Үчүнчүдөн,** эксперттерди окутуу жүргүзүлгөн эмес, эксперттин тиешелүү билимге жана квалификацияга ээ болгону жетиштүү делинип априори болуп саналган.

**Төртүнчүдөн,** аттестациялоо боюнча чечимдердин мамлекеттик орган тарабынан кабыл алынышы объективдүү жана салмакталган чечимге кепилдик берген эмес. Негизинен, чечим мамлекеттик органдын жетекчилигинен көз каранды болгон. Чечимдердин кабыл алынышына окуу жайлардын продукциясынын керектөөчүлөрү, тагыраак айтканда, жумуш берүүчүлөр катышышкан эмес. Мындан тышкары, жалпы алганда сапат стандарттары боюнча окуу жайдын натыйжалуулугуна баа берилген эмес.

Өнүккөн өлкөлөрдө билим берүү программаларын жана окуу жайларды баалоо үчүн көз карандысыз аккредитациялоонун жол-жобосу пайдаланылат. АКШда аккредитация 19-кылымда эле башталган жана 150 жылдык ийгиликтүү тарыхты басып өткөн. Европада аккредитациялоо 1999-жылы Болон декларациясына кол коюлган учурдан кийин башталып, өзүн мыкты тарабынан көрсөтүүгө да жетишкен.

Аккредитациялоонун маңызы билим берүү программасынын же окуу жайдын кабыл алынган сапат стандарттарына шайкеш келүүсүн аныктоодо жатат. Аккредитация 3 этаптан: ички баалоодон (өзүн-өзү баалоо), тышкы баалоодон жана чечимди кабыл алуудан турат. Өзүн-өзү баалоонун маңызы – окуу жай өзүн-өзү аккредитациялык стандарттарга дал келишин текшерет жана көз карандысыз аккредитациялык агенттикке өзүнүн отчёттун берет. Тышкы баалоо - бул программанын же окуу жайдын аккредитациялык стандарттарга дал келишин аныктоо үчүн агенттиктин эксперттик комиссиясынын окуу жайга баруусу. Окуу жайга баруу учурунда өзүнөзү баалоо боюнча отчёт активдүү колдонулат. Андан кийин – аккредитациялоо/ шарттуу түрдө аккредитациялоо/ аккредитациялоодон баш тартуу (аккредитацияланбайт) деген чечим кабыл алынат. Мындан тышкары, сөзсүз түрдө, бул учурда, билим берүү программасынын сапатын же окуу жайдын натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча сунуштамалар берилет. Бүткүл дүйнө жүзүндө жалпыга маалым болгондой, аккредитация төмөнкү себептер боюнча билим берүү программаларын же окуу жайды баалоонун өтө натыйжалуу жол-жобосу (процедурасы) болуп саналат.

**Биринчиден,** аккредитациялоо мамлекеттик органдар тарабынан эмес, бул чөйрөдө адистешкен көз карандысыз аккредитациялык агенттиктер тарабынан өткөрүлөт. Аккредитациялык агенттиктер үчүн Европалык стандарттардын негизгилеринин биринде төмөнкүдөй деп айтылат: «Агенттиктердин көз каранды эмес болушу абзел. Алар өздөрүнүн иш-аракеттери үчүн автономдуу жоопкерчиликте болушат. Отчёттордогу тыянактарга, корутундуларга жана сунуштамаларга окуу жайлар, министрликтер жана башка ушул сыяктуу кызыкдар болгон үчүнчү тараптар таасир тийгизе албайт».

**Экинчиден,** көз карандысыз аккредитацияга бардык социалдык өнөктөштөр – жумуш берүүчүлөр, кесиптик ассоциациялар жана бирикмелер, мамлекеттин, билим берүү чөйрөсүнүн, ата-энелердин, окуучулардын, жарандык коомдун өкүлдөрү катышышат. Коомдун бардык катмарларынын мындай кеңири өкүлчүлүктөрү ар кыл көз караштардан ар тараптуу талдоо (анализ) жүргүзүүгө жана баалоонун көз карандысыздыгын жана объективдүүлүгүн камсыздоого мүмкүндүк берет. Аккредитация аттестацияга салыштырмалуу билим берүү программасынын же окуу жайдын бардык аспекттери боюнча ар тараптуу маалыматтарды алууга мүмкүндүк берүүчү, тереңирээк изилдөөчүлүк процесс болуп саналат. Бул билим берүү программасын же окуу жайды бир кыйла тереңирээк жана объективдүү баалоого мүмкүндүк берет. Мындан тышкары, экономика секторунун өкүлдөрү адистердин билиминин сапатынын жогору болушуна өтө кызыкдар жана бул жагдай баалоо процессиндеги коррупцияны жокко чыгарат.

**Үчүнчүдөн,** аккредитация баалоо жүргүзүүгө гана багытталбастан, ошондой эле билим берүү программасынын сапатын жана окуу жайдын ишмердүүлүгүн жакшыртуу үчүн сунуштамаларды иштеп чыгууга арналат. Көңүл чордону билим берүү ишмердүүлүгүнө гана эмес, ошондой эле билим берүү программасын же окуу жайды өркүндөтүү багытында социалдык өнөктөштөрдүн өз ара мамиле-катыштарынын натыйжалуулугуна (таасирдүүлүгүнө) бурулат. Ушунун баары билим берүү программасынын сапатынын жогорулашына же окуу жайдын мындан ары өнүгүшүнө көмөк көрсөтөт.

**Төртүнчүдөн,** аккредитациялоону атайын окуудан өтүшкөн эксперттер жүргүзүшөт. Эксперттерди экспертизаны өткөрүүнүн методологиясына, аккредитациянын стандарттарын жана ченөлчөмдөрүн (критерийлерин) колдонууга, отчётторду жазууга, интервьюларды өткөрүүгө

ж.б.у.с. окутушат. Окутуудан өткөн (тастыкталган) эксперттердин атайын базасы түзүлөт. Эксперттерди, негизинен, экономика чөйрөсүнөн чакырышат, себеби, алар эмгек рыногуна кандай адистер керек экендигин билишет, жана ошондой эле билим берүү чөйрөсүнөн да тартышат, анткени, алар билим берүү процессин мыкты билишет.

**Бешинчиден,** аккредитациялоону аккредитациялык агенттиктин кызматкерлеринин арасынан атайын окутуудан өткөн референттер уюштурушат. Аларды аккредитацияны өткөрүүнүн методологиясына, аккредитациялоонун стандарттарына жана критерийлерине, аларды пайдаланууга, эксперттик комиссиянын мүчөлөрүнүн өз ара аракеттерин уюштурууга, аккредитациялоону өткөрүүнүн эрежелерин, экспертизаны жүргүзүүнүн объективдүүлүгүн сактоону көзөмөлдөөгө, жалпы аккредитациялык процесс жүрүп жаткан учурда жагымдуу атмосфераны түзүүгө окутушат.

**Алтынчыдан,** билим берүү программаларын же окуу жайды аккредитациялоо боюнча чечим аккредитациялык агенттик тарабынан эмес, анын алдындагы Кеңеш тарабынан кабыл алынат, анын курамына мамлекеттин, экономика чөйрөсүнүн (биринчи кезекте – жумуш берүүчүлөрдүн) жана жарандык коомдун өкүлдөрү киришет. Бул салмакталган жана объективдүү чечимдерди кабыл алууга көмөк көрсөтөт, себеби чечимдерди кабыл алууга бардык социалдык өнөктөштөр катышышат. Аккредитациялоо боюнча чечимдерди кабыл алууда жумуш берүүчүлөрдүн ролу өзгөчө маанилүү, себеби жумуш берүүчүлөр үчүн бүтүрүүчүлөрдүн квалификациясы жана компетенциялары маанилүү. Жумуш берүүчүлөрдүн катышуусу кабыл алынып жаткан аккредитациялык чечимдердин объективдүү болушуна жардам берет.

**Жетинчиден,** аккредитация агенттиктин сайтында аккредитациялоонун жыйынтыктарынын милдеттүү түрдө чагылдырылышын (илинишин) шарттайт. Бул аккредитациялоо процессинин ачыкайкын болушуна мүмкүндүк түзөт, кесипти жана окуу жайды негиздүү тандоо үчүн жаштарга жана алардын ата-энелерине толук жана объективдүү маалыматтарды берет. Мындан тышкары, мындай шарт мамлекеттик органдарды, жумуш берүүчүлөрдү, кесиптик коомчулукту жана башка кызыкдар тараптарды пайдалуу маалыматтар менен камсыз кылат.

Пилоттук аккредитациянын жыйынтыктары көрсөткөндөй, аккредитациялоо окуу жайларга алардын алсыз жана күчтүү жактарын көрсөтүп, аларды билим берүүнүн сапатын жогорулатууга үрөп (мобилизациялап), социалдык өнөктөштөрдү кызматташууга жана окуу жайларга жардам көрсөтүүгө кызыктырып тартып, чоң пайда алып келет. Мисалы, окуу жай каражаттардын жетишсиздигинен улам укмуштуу заманбап жабдууларды сатып алууга эч качан алы келбей тургандыгы аныкталган. Ошол эле

учурда, окуучуларды мындай жабдууларга иштөөгө жумуш берүүчүлөр менен кызматташтыкта гана үйрөтүүгө болот. Пилоттук аккредитациянын жыйынтыктары окуу жайлардын жумуш берүүчүлөр жана башка социалдык өнөктөштөр менен болгон начар кызматташтыгын көрсөттү. Аккредитация окуу жайлардын социалдык өнөктөштөр менен иш алып баруусун, жана аларды өнүктүрүү үчүн башка резервдерди издөөнү активдештирди.

Бүтүрүүчүлөрдүн, эмгек рыногу үчүн зарыл болгон, иш билгилигин (компетенцияларын) дайыма талдап туруу (анализ) жана түзүү маселелеринде окуу жайлардын жумуш берүүчүлөр менен болгон кызматташтыгы да маанилүү болуп саналат. Жана дал ошол аккредитация окуу жайларды бул жаатта ишти уюштурууга мажбурлайт. Буга чейин, окуу жай менен жумуш берүүчүлөрдүн ортосунда бүтүрүүчүлөрдүн эмгек рыногуна керектүү компетенцияларын макулдашуу боюнча активдүү диалог байкалган эмес.

Кыргыз Республикасынын 2013-жылдын 4-июлундагы №110 «Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» мыйзамы Кыргызстанда көз карандысыз аккредитациялоону алга жылдыруунун мыйзамдык негизи болуп саналат. Бул мыйзамдын 40-беренеси төмөнкүдөй жоболорду камтыйт:

- «Аккредитациялоодон өткөн билим берүү уюму билим берүү уюмунун чечими боюнча бүтүрүүчүлөргө мамлекеттик үлгүдөгү документтерди же өзүнүн үлгүсүндөгү документтерди берүү укугуна ээ». «Менчигинин түрүнө жана ведомстволук таандуулугуна карабастан билим берүү уюмдарын аккредитациялоо алардын иши Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте таанылган аккредитациялык агенттиктер тарабынан беш жылдык мөөнөткө алардын жазуу жүзүндөгү арыздарынын негизинде жүзөгө ашырылат».
- «Билим берүү уюмдарын аккредитациялоону жүзөгө ашыруучу аккредитациялык агенттиктер мамлекеттик эмес, коммерциялык эмес уюмдар түрүндө түзүлөт. Аккредитациялык агенттиктерди каржылоо артыкчылыктуу түрдө билим берүү уюмдарынан алынуучу аккредитациялык жыйымдардын жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка булактардын эсебинен жүзөгө ашырылат».
- «Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органында жана анын жетекчисинин төрагалыгы астында, аккредитациялык агенттиктердин ишин таануу жөнүндө маселени коллегиялуу жана айкын кароо үчүн түзүлгөн, консультациялыиккеңешүүчү орган болуп саналган, коомдук башталышта иштөөчү Улуттук аккредитациялык кеңеш (УАК) түзүлөт».
- «Аккредитациялык агенттиктерди таануу Улуттук аккредитациялык кеңеш тарабынан жүзөгө ашырылат. Таануунун же болбосо таануудан баш тартуунун негизи жана тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат».
- «Аккредитациянын жол-жоболорун өткөрүүнүн тартиби, аккредитацияlануучу уюмга карата коюлуучу эң төмөнкү талаптар, ошондой эле аккредитациялоо же аккредитациялоодон баш тартуу үчүн негиздер Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленет».

Бул колдонмо аккредитациялык агенттиктердин ишин уюштуруу үчүн керектүү тиешелүү ченемдик (нормативдик) жана усулдук (методикалык) көрсөтмөлөрдү, ошондой эле аккредитациялоо процессинин бардык катышуучулары үчүн пайдалуу маалыматтарды камтыйт.

# 2. АККРЕДИТАЦИЯЛООНУН ЭТАПТАРЫ

| **Иш-аракеттер** | **Аккредитациялык агенттик** | **Окуу жай** | **Эксперттер** | **Референттердин милдеттери** | **Керектүү маалымат материалдары** |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. Процесстин башталышы. | Аккредитациялык агенттик окуу жайга алдыда боло турган аккредитациялык процесс тууралуу кабарлайт. | Окуу жай байланыштыруучу тарапты жана өзүн-өзү баалоону жүргүзүү боюнча эксперттик комиссияны дайындайт. | | • Окуу жайга өзүн-өзү баалоо боюнча отчётту түзүү боюнча көрсөтмөлөрү менен катты жөнөтүү;<br>• Окуу жайга баруунун программасын жөнөтүү. | • Окуу жай үчүн кат;<br>• Аккредитациялык агенттик тарабынан чечимдерди кабыл алуунун принциптери;<br>• Өзүн-өзү баалоо боюнча отчётту түзүүгө карата көрсөтмөлөр;<br>• Окуу жайга баруунун программасы. |
| 2. Аккредитациялык агенттиктин жана окуу жайдын өкүлдөрүнүн тааныштыруучу жолугушуулар. | Аккредитациялык агенттик окуу жайга процесстин максаттары, жүрүшү жана өзгөчөлүктөрү тууралуу маалымдайт.<br>Окуу жайдын өкүлдөрү менен биргеликте ачык маселелер талкууланат жана иш графиги макулдашылат.<br>Окуу жай менен аккредитациялык агенттиктин ортосунда келишим түзүлөт. | | | | • Окуу жайга кеңеш маалыматтарды берүү;<br>• Иш графигин макулдашуу.<br>• |
| 3. Окуу жай тарабынан өзүнөзү баалоо боюнча отчёт түзүлөт. | Аккредитациялык агенттик окуу жайга өзүн-өзү баалоо боюнча отчёт түзүүдө кеңеш маалыматтарды берет. | Аккредитациялык агенттик тарабынан сунушталган көрсөтмөлөрдүн негизинде окуу жай тарабынан өзүнөзү баалоо боюнча отчёт түзүлөт жана арыз менен аккредитациялык агенттикке жөнөтүлөт. | | • Кеңеш маалыматтарды берүү (зарыл болгон учурларда окуу жайга барып келүү менен) | • Өзүн-өзү баалоо боюнча отчётту түзүүгө карата көрсөтмөлөр;<br>• Окуу жайдын арызы;<br>• Өзүн-өзү баалоо боюнча отчёт. |
| 4. Өзүн-өзү баалоо боюнча отчётту карап чыгуу. | Аккредитациялык агенттик өзүн-өзү баалоо боюнча отчетту талдайт (анализдейт) жана зарылдыкка жараша толуктоолорду жана тактоолорду демилгелейт. | Окуу жай өзүн-өзү баалоо боюнча отчётту аккредитациялык агенттикке тапшырат. Зарыл болгон учурларда окуу жай өзүн-өзү баалоо боюнча отчётту аккредитациялык агенттиктин талаптарын эске алуу менен толуктайт. | | Өзүн-өзү баалоо боюнча отчётту талдоо (анализдөө):<br>• Толуктоолор боюнча сунуштамалар;<br>• Кеңеш берүүлөр (зарыл болгон учурларда окуу жайга барып келүү менен). | • Өзүн-өзү баалоо боюнча отчётко зарыл толуктоолор тууралуу эскертүүлөр. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 5. Эксперттик комиссияны тандоо жана түзүү. | Аккредитациялык агенттик тышкы баалоону жүргүзүү үчүн тиешелүү эксперттик комиссияны түзөт жана эксперттердин бирин комиссиянын төрагасы кылып дайындайт. | | Эксперттерге өзүн-өзү баалоо боюнча отчёт, кесиптик билим берүүчү окуу жайларды жана программаларды аккредитациялоонун стандарттары жана чен-өлчөмдөрү (критерийлери), интервью өткөрүү үчүн суроолор топтому, эксперттик комиссия үчүн жыйынтыктоочу отчётту жазуу боюнча методикалык сунуштамалар, сабакка катышып байкоо жүргүзүүнүн формулярлары, кесиптик билим берүү окуу жайларын жана программаларын аккредитациялоо боюнча эксперттер үчүн жетекчилик колдонмо берилет. | • Эксперттик комиссияны түзүү;<br>• Эксперттердин эксперттик ишмердүүлүккө даярдыктары тууралуу арызга кол коюушу;<br>• Эксперттик комиссиянын документтерин берүү. | • Эксперттик комиссия үчүн чакыруу каттары<br>• Эксперттердин аккредитациялоо боюнча ишмердүүлүккө даярдыгы тууралуу арыздары |
| 6. Эксперттик комиссияга, аларга бардык керектүү материалдарды берүү менен, жетекчилик көрсөтмөлөрдү берүү. | Аккредитациялык агенттик эксперттерге алардын милдеттерин түшүндүрөт, аларга керектүү документтерди берет жана аларга өзүн-өзү баалоо боюнча отчётту жөнөтөт. | | Эксперттер өзүн-өзү баалоо боюнча отчёт менен жана аккредитациялоодогу өздөрүнүн ролу менен таанышышат, стандарттардын аткарылышына жана отчётту даярдоонун сапатына алдын-ала баалоо жүргүзүшөт. | • Жетекчилик көрсөтмө. Аккредитациялоо боюнча керектүү документтерди жана өзүн-өзү баалоо боюнча отчётту берүү. | • Аккредитациялоонун стандарттары жана ченөлчөмдөрү (критерийлери);<br>• Аккредитациялык кеңеш тарабынан чечимдердин кабыл алынышынын эрежелери;<br>• Интервьюну өткөрүү үчүн керектүү документтер;<br>• Сабакка катышып байкоо жүргүзүүнүн формулярлары;<br>• Эксперттик комиссия үчүн жыйынтыктоочу отчётту жазуу боюнча методикалык сунуштамалар;<br>• Кесиптик билим берүү программаларын жана окуу жайларын аккредитациялоо боюнча |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | эксперттер үчүн жетекчилик колдонмо. |
| 7. Окуу жайга барууну уюштуруу. | Аккредитациялык агенттик эксперттик комиссия жана окуу жай менен окуу жайга баруунун мөөнөттөрүн жана программасын макулдашат. | | | • Окуу жайга баруунун мөөнөттөрүн жана программасын макулдашуу;<br>• Сабактарга кирип катышуунун убактыларын макулдашуу. | • Окуу жайга баруунун программасы. |
| 8. Окуу жайга баруу. | Аккредитациялык агенттик интервьюнун мөөнөттөрүн, ошондой эле кайсы сабактарга катышуу керектигин аныктайт. Агенттиктин кызматкерлеринин бири эксперттик комиссияга колдоо көрсөтөт, анын ичинде интервьюну протоколдоодо. | Эксперттер окуу жайдын жетекчилиги, окутуучулары, окуу-көмөкчү кызматкерлери, окуучулары, бүтүрүүчүлөрү, ата-энелер жана социалдык өнөктөштөр менен жолугушууларды өткөрүшөт. Алар сабактарга анын жүрүү процессине байкоо жүргүзүү үчүн катышышат. Эксперттик комиссиянын төрагасы маалмаалы менен эксперттердин кеңешмелерин өткөрөт | • Окуу жайга барган учурда эксперттерди коштоп жүрүү;<br>• Интервьюларды протоколдоо;<br>• Окуу жайга баруу программасынын так аткарылышын көзөмөлдөө;<br>• Эксперттик комиссиянын жыйынтыктоочу отчётунун үстүндө иш алып барууну уюштуруу. | • Окуу жайга баруунун программасы: жолугушуулардын, карап чыгуунун, сабактарга катышуунун убактыла-рын белгилөө;<br>• Интервью өткөрүү үчүн жетекчилик колдонмо;<br>• Сабакка катышып байкоо жүргүзүүнүн формулярлары. | |
| 9. Жыйынтыктооочу отчёт. | Аккредитациялык агенттиктин кызматкери жана эксперттик комиссиянын төрагасы мазмундуу жана далилдүү отчёттун түзүлүшүн камсыз кылышат. | Эксперттер жыйынтыктоочу отчётту жазуу боюнча методикалык сунуштамаларды н негизинде окуу жайдын күчтүү жана алсыз жактарын, Аккредитациялык агенттиктин стандарттарынын жана чен-өлчөмдөрүнүн (критерийлеринин) жана окуу жайды же программаны жакшыртуу боюнча сунуштамаларды н аткарылышына баа берүүнү камтыган отчётту түзүшөт. | • Жыйынтыктоочу отчётту түзүүдөгү сунуштамаларды, кеңеш маалыматтарды берүү. | • Жыйынтыктоочу отчётту жазуу боюнча методикалык сунуштамалар. | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 10. Окуу жайга өз көз карашын билдирүүгө мүмкүнчүлүк берүү. | Аккредитациялык агенттик эксперттик комиссиянын отчётун, ал боюнча өз пикирин билдирүү мүмкүнчүлүгүн тартуулоо менен, окуу жайга жөнөтөт. | Окуу жай эксперттердин отчётуна карата өз пикирин билдирүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Бул учурда окуу жай отчётту жөндөө (корректировкалоо) боюнча аргументтелген сунуштарды жөнөтөт. | • Отчётту окуу жайга жөнөтүү жана ага жооп алуу. | • Эксперттик топтун отчёту. | |
| 11. Аккредитациялык агенттик тарабынан чечимдин кабыл алынышы. | Агенттиктин алдындагы Кеңеш эксперттик комиссиянын отчётунун негизинде окуу жайдын же программанын аккредитацияланышы тууралуу чечимди кабыл алат. Ошол эле учурда Кеңеш эксперттик комиссия тарабынан Аккредитациялык агенттиктин стандарттары жана чен-өлчөмдөрү (критерийлери) тиешелүү тартипте колдонулгандыгын текшерет. Акырында кеңеш окуу жайга жана эксперттик комиссияга өзүнүн чечимин билдирет. | Эксперттик комиссиянын төрагасы окуу жайды же программаны аккредитациялоонун жыйынтыктарын Агенттиктин алдындагы Кеңешке билдирет. Эксперттер аккредитациялоонун жыйынтыктарын талкуулоого катыша алышат. | • Аккредитациялык кеңешке бардык керектүү материалдарды берүү;<br>• Окуу жайга жана эксперттик комиссияга Кеңештин чечимдерин жасалгалап даярдоо жана жөнөтүү. | • Эксперттик топтун отчёту;<br>• АКтин чечиминин долбоору;<br>• Жыйынтыктар тууралуу окуу жай үчүн маалыматтар;<br>• Жарыяланган чечим. | |
| 12. Чечимге даттануу. | Кабыл алынган чечимге карата окуу жай даттанган учурларда Аккредитациялык кеңеш арызды өзүнүн отурумунда карап чыгат жана акыркы чечимди кабыл алат. | Эксперттик комиссиянын төрагасы арызды кароого катышат. | • Даттануунун негиздүүлүгүн текшерүүнү уюштуруу;<br>• Акыркы чечимди кабыл алуу үчүн материалдарды даярдоо. | • Окуу жайдын даттануусу. | |

# 3. АККРЕДИТАЦИЯЛАНУУЧУ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМДАРЫНА КОЮЛУУЧУ МИНИМАЛДУУ ТАЛАПТАР

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АККРЕДИТАЦИЯЛАНУУЧУ БАШТАЛГЫЧ, ОРТО ЖАНА ЖОГОРКУ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМДАРЫНА КОЮЛУУЧУ МИНИМАЛДУУ ТАЛАПТАР

Ушул аккредитацияланууччу билим берүү уюмдарына коюлуучу минималдуу талаптар (стандарттар) 2015-ж. кабыл алынган «Европа мейкиндигиндеги жогорку билим берүүнүн сапат кепилдиги стандарттарынын жана сунуштамаларынын (ESG)» негизинде иштелип чыккан. Жаңыланган «Европа мейкиндигиндеги жогорку билим берүүнүн сапат кепилдиги стандарттарын жана сунуштамаларын (ESG)» европалык стандарттардын «экинчи мууну» катары кабыл алсак болот, себеби аларда ENQA Жогорку билим берүүдө сапатка кепилдик берүүчү европалык ассоциация тарабынан иштелип чыккан жана 2005-ж. Берген ш. Билим берүү министрлеринин конференциясында кабыл алынган документтин идеологиясы жана түзүлүшү сакталган.

«Экинчи муундагы» стандарттарды түзүүгө бардык кызыкдар тараптардын - EQAR (The European Quality Assurance Register for Higher Education) Аккредитациялык агенттиктердин европалык реестрине кирген европалык аккредитациялык агенттиктердин, студенттик уюмдардын, жогорку окуу жайлардын, кесиптик жана академиялык коомчулуктун эки жылдык активдүү ишмердүүлүгү талап кылынды. Документ конференцияларда жана форумдарда бир канча ирет кеңири талкуулоодон өтүп, BFUG Болон процессин координациялоо тобу тарабынан макулдашылып, жана Европа биримдигине кирген өлкөлөрдүн Жогорку билим берүү министрлеринин 2015-ж. 14-15-майында Ереван ш. (Армения) өткөн конференциясында бекитилген.

Жогорку, орто жана башталгыч кесиптик билим берүүнү аккредитациялоо идеологиясы жана методологиясы боюнча окшош, ал майда өзгөчөлүктөр менен гана айырмаланат.

Бул документ бүгүнкү күндө аккредитация жаатында эң жаңы документ болгондуктан, ал минималдуу талаптар үчүн негиз катары алынып, жана Кыргыз Республикасынын башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүүнүн өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен кесиптик билим берүүнүн бардык деңгээлдери үчүн ылайыкталган.

### 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

**1.** Ушул аккредитацияланууччу билим берүү уюмдарына коюлуучу минималдуу талаптар (мындан ары – Минималдуу талаптар) Кыргыз Республикасынын аккредитацияланууччу башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдарына милдеттүү минималдуу талаптарды аныкташат.

**2.** Ушул Минималдуу талаптарда төмөнкү түшүнүктөр пайдаланылат:

**академиялык бедел** - сунуштаган билим берүүнүн сапатынын коомдук аң-сезимдеги же кесиптик бирикмедеги деңгээли;

**билим берүүнүн сапатынын менеджментинин документтештирилген тутуму** - билим берүү уюмундагы билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатын ишке ашырууга тиешелүү бардык пландарды, процесстерди, иш-аракеттерди жана натыйжаларды документтештирүүгө жол берүүчү тутум;

**кызыкдар тараптар** - билим берүүнүн жогору сапатына кызыкдар мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, окугандар (студенттер), алардын ата-энелери, билим берүү уюму, жумуш берүүчүлөр, социалдык өнөктөр;

**билим берүү уюмунун миссиясы** - билим берүү уюмунунун өз дараметин объективдүү балоодон келип чыккан стратегиялык негизги максаттары;

**билим берүүнүн максаттары** - билим берүүчү уюм өзүнүн бүтүрүүчүлөрүндө тийиштүү адистик (кесип) боюнча компетенциясынын болушуна жетүү үчүн умтулган максаттар;

**билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясаты** - билим берүү уюмунун окумуштуулар же педагогикалык кеңеши тарабынан бекитилген документтердин жана ишке ашыруу билим берүүнүн сапатын жогорулатууга алып баруучу пландалган мезгилдүү жол-жоболордун (ишаракеттердин) жыйындысы;

**окутуунун натыйжалары** - жумушчу окуу пландагы кайсы бир сабак (дисциплина, предмет, практиканы ж.б.у.с.) ийгиликтүү өздөштүрүлгөнүн текшерүүнүн кайсы бир формасы (экзамен, зачет, курстук иш ж.б.у.с.) менен тастыктоо.

## 2. БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫН КАМСЫЗДОО САЯСАТЫНА МИНИМАЛДУУ ТАЛАПТАР

**3.** Билим берүү уюмунда окумуштуулар же педагогикалык кеңеши бекиткен жана билим берүү уюмунун сайтында жарыяланган, өзүнө миссияны, стратегиялык жана учурдагы пландарды, билим берүү максаттарын, окутуунун натыйжаларын, сапат менеджменти тутумун камтыган билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясаты болушу керек.

**4.** Башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдарындагы билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатына чен-өлчөмдөр:

**1)** билим берүү уюмунун так аныкталган жана кабыл алынган миссиясы, анын негизинде иштелип чыккан жана бекитилген, кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келген стратегиялык жана учурдагы пландарынын болуусу. Билим берүү уюмунун миссиясынын негизинде иштелип чыккан жана кабыл алынган билим берүү максаттарынын жана окутуунун күтүлүүчү натыйжаларынын болуусу;

**2)** жыл сайын стратегиялык жана учурдагы пландардын, билим берүү максаттарынын, окутуунун натыйжаларынын аткарылышын иликтөө, аткаруунун натыйжаларын талдоо жана тиешелүү түзөтүүлөрдү киргизүү;

**3)** билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатын ишке ашырууга, контролдоого жана кайра кароого билим берүү уюмунун жетекчилиги, кызматчылары, окуучулары (студенттери) жана кызыкдар тараптардын катышуусу;

**4)** билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатын билим берүүнүн сапат менеджментинин документтештирилген тутумунун жардамы менен киргизүү;

**5)** билим берүү уюмунда билим берүүнүн сапат менеджментинин документтештирилген тутумунун жардамы менен билим берүү сапатын камсыздоо саясатын киргизүүгө жооп берүүчү жооптуу адамдардын (кызматтардын) болуусу;

**6)** билим берүү уюмунун сайтында жарыяланган жана бардык кызыкдар тараптарга жеткиликтүү билим берүү уюмунун миссиянын, стратегиялык жана учурдагы пландарынын, билим берүү максаттарынын, окутуунун натыйжаларынын, билим берүүнүн сапат менеджментинин тутумунун болуусу.

**5.** Орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдары ушул Минималдуу талаптардын 4-пункту менен каралган чен-өлчөмдөрдөн тышкары өзүнүн академиялык беделин жогорулатуу жана академиялык эркиндикти камсыздоо үчүн чараларды көрүшөт.

## 3. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ИШТЕП ЧЫГУУ, БЕКИТҮҮ, БАЙКОО ЖҮРГҮЗҮҮ ЖАНА МЕЗГИЛИ МЕНЕН БААЛООГО МИНИМАЛДУУ ТАЛАПТАР

**6.** Билим берүү уюму билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана бекитүү үчүн жол-жоболорго ээ болушу керек. Иштелип чыккан билим берүү программаларынын мазмуну билим берүү уюмунун миссиясына, билим берүү максаттарына, мамлекеттик билим берүү стандарттарына, окуучулардын (студенттердин) жана башка кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык болушу зарыл. Билим берүү программасын өздөштүрүүнүн натыйжасында алынуучу квалификация так аныкталуусу жана кызыкдар тараптарга түшүндүрүлүүсү зарыл.

**7.** Билим берүү уюму өз максатына жетүүсүн жана окуучулар (студенттер) менен башка кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө жооп берүүсүн кепилдөө жана аныктоо үчүн жумуш берүүчүлөрдү жана башка кызыкдар тараптарды тартып, мезгили менен (бир жылда бир) мониторинг жана баалоо жүргүзүүсү зарыл.

**8.** Башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдарындагы билим берүү программаларын иштеп чыгууга, бекитүүгө, мониторингдөөгө жана мезгили менен баалоо жүргүзүүгө чен-өлчөмдөр:

**1)** билим берүү уюмунун миссиясы менен дал келген жана мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык так аныкталган билим берүү программасынын билим берүү максаттарынын болуусу;

**2)** кесиптик, өндүрүштүк уюмдардын жана кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндөгү уюмдардын өкүлдөрүнүн катышуусунда иштелип чыккан, эмгек базарын чагылтуучу жана билим берүү программасынын максаттарына ылайык келген, универсал жана кесиптик терминдер менен баяндалган окутуунун күтүлүүчү натыйжаларынын болуусу;

**3)** билим берүү программасы боюнча так аныкталган жана мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык окуу жүгүнүн болуусу;

**4)** билим берүү программасын өркүндөтүү максатында окуучулар (студенттер) менен жумуш берүүчүлөрдүн күтүүлөрүн, керектөөлөрүн жана канааттангандыгын мезгил-мезгил менен (бир жылды бир) баалоо;

**5)** билим берүү программасы менен каралган практикалардын (таныштыруучу, окуутуучу, өндүрүштүк, педагогикалык, дипломдун алдындагы) бардык түрлөрүнөн өтүү үчүн окуу програмасында орундарды берүү;

**6)** актуалдуулугун камсыздоо үчүн илимдин соңку жетишкендиктерин жана технологияларын эске алуу менен конкреттүү дисциплинанын мазмунуна жыл сайын билим берүү уюму менен мониторинг жүргүзүү жана баалоо;

**7)** мониторинг жүргүзүү:

- окутуучулардын (студенттердин) окуу жүгүнө, жетишүүсүнө жана бүтүүсүнө;
- баалоо жол-жоболорунун майнаптуулугуна;
- окутуучулардын (студенттердин) жана жумуш берүүчүлөрдүн билим берүү программасы боюнча окутуудан күтүүлөрүнө, керектөөлөрүнө жана канааттангандыгына;
- билим берүү чөйрөсү менен колдоо кызматтарына жана алардын билим берүү программасынын максаттарына шайкештигине;
- берилүүчү билимдин майнаптуулугун жогорулатуу жана адекваттуулугун аныктоо максатында бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусун;

**8)** мониторинг жүргүзүүнү жана мезгили менен баалоону өткөрүү үчүн процесстерди жана жоопкерчилик адамдарды (кызматтарды) аныктоо;

**9)** мониторингдин жана мезгили менен баалоонун натыйжаларын бардык кызыкдар тараптарды тартуу менен талдоо, талкуулоо жана аны билим берүү процессин уюштурууну жакшыртуу үчүн колдонуу;

**10)** билим берүү программасын окуу-усулдук камсыздоо билим берүүнүн максаттарына, мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык келүүсү.

**9.** Жогорку кесиптик билим берүү уюму ушул Минималдуу талаптардын 8-пункту менен каралган чен-өлчөмдөрдөн тышкары өзүнүн илимий изилдөөлөрүнүн натыйжаларын окуу процессинде колдонот.

## 4. ИНСАНГА БАГЫТТАЛГАН ОКУТУУГА ЖАНА ОКУГАНДАРДЫН (СТУДЕНТТЕРДИН) ЖЕТИШҮҮСҮН БААЛООГО МИНИМАЛДУ ТАЛАПТАР

**10.** Билим берүү уюму өзүнүн билим берүү программаларына инсанга багытталган окутуу процесстерин киргизүүсү зарыл. Билим берүү программаларын ишке ашыруучу усулдар окугандарды (студенттерди) билим берүү процессин биргелешип ишке ашырууда активдүү аракетке кызыктыруусу зарыл.

**11.** Башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдарындагы инсанга багытталган окутууга жана окугандардын (студенттин) жетишүүсүн баалоого чен-өлчөмдөр:

**1)** педагогикалык усулдарды, билим берүүнүн формаларын жана технологияларын баалоо жана түзөтүү үчүн окугандар (студенттер) менен үзгүлтүксүз өз ара байланышты пайдалануу;

**2)** баалоочу адамдардын (экзаменаторлордун) окуучунун (студенттин) билимин текшерүүнүн усулдарына ээ болушу жана бул тармакта квалификациясын дайыма жогорулатуусу;

**3)** билим берүү уюму окугандар (студенттер) жетишүүгө тийиш болгон окутуунун күтүлүүчү натыйжаларына карата адекваттуу жана окуучунун (студенттин) окутуунун пландалган натыйжасына жетишүү деңгээлин көрсөткөн баалоонун чен-өлчөмдөрү менен усулдарын өзүнүн сайтында жарыялоосу;

**4)** баалоо жол-жоболорунун жумшартуучу жагдайларды жана баалоонун натыйжасын апелляциялоонун расмий жол-жобосун камтыган объективдүүлүгүн жана ачыкайкындыгын камсыздоосу;

**5)** пайдаланылган балоoo жол-жобосу, болуучу текшерүүлөрдүн түрлөрү (экзамендер, зачеттор, дипломдук ишин коргоо ж.б.), окугандарга (студенттерге) карата талаптар, алардын билимин баалоонун колдонулуучу чен-өлчөмдөрү боюнча окуучуларга (студенттерге) толук малымдоо;

**6)** окугандарды (студенттердин) иргөөнүн себептерин талдоо жана алардын жетишүүсүн жогорулатуу жана окуучулардын (студенттердин) бекемделүүсү боюнча чараларды көрүү;

**7)** окугандардын (студенттердин) даттанууларына чара көрүүнүн иштеп чыгарылган жана кодонууга киргизилген жолжоболорунун болуусу.

**12.** Орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдары үчүн ушул Минималдуу талаптардын 11-пункту менен каралган чен-өлчөмдөрдөн тышкары инсанга багытталган окутууга жана окуучунун (студенттин) жетишүүсүн баалоого төмөндөгү чен-өлчөмдөр белгиленет:

**1)** билим берүү уюму окутуунун сапатын жогорулатуу максатында инновациялык окуу-усулдук ресурстарды, педагогикалык усулдарды, формаларды менен технологияларды колдонуу;

**2)** билим берүү уюмунун окугандардын (студенттердин) ар кыл топторунун керектөөлөрүн аныктап жана аларды кошумча курстар, факультативдер, ийримдер аркылуу канааттандыруусу.

**13.** Жогорку кесиптик билим берүү уюмдары үчүн ушул Минималдуу талаптардын 11,12-пункттары менен каралган чен-өлчөмдөрдөн тышкары инсанга багытталган окутууга жана окуучунун (студенттин) жетишүүсүн баалоого төмөндөгү ченөлчөмдөр белгиленет:

**1)** билим берүү уюму студенттердин ар кыл топторунун керектөөлөрүн эске алууга, окутуунун жекече траекторияларын түзүү мүмкүндүктөрүн түзүүгө жол берүүчү билим берүү программаларын ишке ашыруусу;

**2)** билим берүү уюмунун билим берүү кызматтарды көрсөтүүнүн ийкемдүү варианттарын (электрондук, дистанциялык окутуу технологияларын да пайдалануу);

**3)** окуу процессин уюштурууда динамикалуу билим берүү чөйрөсүн өнүктүрүү, студенттердин жекече жетишкендиктерин колдоо багытында окутуучулар менен студенттердин окуу жана илимий изилдөөлөр жаатындагы натыйжалуу өз ара иштешүүлөрүн камсыздоо;

**4)** билим берүү программаларында студенттин окуусуна тиешелүү практикалык тажрыйбага ээ болуу үчүн практикалардын, такшалтмалардын, интернатуранын зарыл түрлөрү жана жогорку окуу жайдын имаратынан тышкары окутуунун башка түрлөрүнүн камтылышы.

## 5. ОКУУЧУЛАРДЫ (СТУДЕНТТЕРДИ) КАБЫЛ АЛУУ, БИЛИМ БЕРҮҮНҮН НАТЫЙЖАЛАРЫН ТААНУУ ЖАНА ОКУУЧУЛАРДЫН (СТУДЕНТТЕРДИН) БҮТҮРҮҮСҮНӨ МИНИМАЛДУУ ТАЛАПТАР

**14.** Билим берүү уюму мурдатан аныкталган, өзүнүн сайтында жарыяланган жана ырааттуу колдонулган окуучуларды (студенттерди) кабыл алууну, билим берүүнүн натыйжаларын таануу жана окуучулардын (студенттердин) бүтүрүп чыгышын жөнгө салуучу эрежелерге ээ болушу зарыл.

**15.** Башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдарындагы окуучуларды (студенттерди) кабыл алууга, билим берүүнүн натыйжаларын таанууга жана окуучулардын (студенттердин) бүтүрүүсүнө карата чен-өлчөмдөр:

**1)** окуучуларды (студенттерди) иргөөнүн жана кабыл алуунун калыс жана туура усулдары менен жол-жоболорун колдонуу, ошондой эле потенциалдуу окуучулардын (студенттердин) тапшыруусу үчүн негизсиз тоскоолдуктарды болтурбоо;

**2)** окуучуларды (студенттерди) кабыл алуу эрежелери, процессин жана чен-өлчөмдөрүн ачык-айкын ырааттуу колдонуу;

**3)** окуучулар (студенттер) тандап алган билим берүү траекториясы, ошондой эле академиялык мобилдүүлүк программалары жана карьералык мүмкүнчүлүктөр боюнча толук жана өз учурунда маалымат жана консультация алуусу;

**4)** окуучулардын (студенттердин) академиялык жетишкендиктери жөнүндө маалыматтын негизинде жыйноо, байкоо жүргүзүү жана андан аркы иш-аракеттер үчүн так жол-жоболор менен инструменттердин болушу;

**5)** билим берүү уюму окуучунун (студенттин) окутуунун күтүлгөн натыйжаларына жетишүүсү жана анын академиялык мобилдүүлүгүнө шарт түзүү үчүн квалификацияларды жана мурдагы окуган мезгилдерин объективдүү таанууну камсыздоосу;

**6)** билим берүү уюму билим берүү программасы боюнча окууну бүткөн жана окутуунун күтүлгөн натыйжаларына жеткен окуучулардын (студенттердин) алган квалификациясын, анын ичинде

алган билиминин натыйжаларын, ошондой эле алынган билимдин мазмунун жана статусун тастыктаган документ менен, ошондой эле окууну бүтүргөндүгү жөнүндө күбөлүк менен камсыздоосу.

## 6. ОКУТУУЧУЛУК ЖАНА ОКУТУУЧУ-КӨМӨКЧҮ КУРАМГА МИНИМАЛДУУ ТАЛАПТАР

**16.** Билим берүү уюму окуучулар (студенттер) менен иштөө үчүн кесиптик тажрыйбасы бар компетенттүү персоналга ээ болушу зарыл. Окутуучулар окутуучу предметти толук жакшы билүүгө жана түшүнүүгө, окуу процессинде билимди натыйжалуу берүү үчүн, ошондой эле алардын окутуусунун сапаты боюнча кайра байланышты түзүү үчүн керектүү ыкмаларга жана тажрыйбага ээ болушу зарыл.

**17.** Башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдарындагы окутуучулук жана окутуучукөмөкчү курамга карата чен-өлчөмдөр:

**1)** билим берүү уюмунун окутуучулук жана окутуучу-көмөкчү курамды жумушка кабыл алуунун, кызматтан жогорулатуунун Кыргыз Республикасынын эмгек боюнча мыйзамына жараша ачык-айкын жана объективдүү ченөлчөмдөрүн пайдаланышы;

**2)** окутуучулук жана окутуучу-көмөкчү курамдын квалификациясы, билими жана тажрыйбасы ишке ашырылып жаткан билим берүүчү программага жана билим берүү процессинин талаптарына ылайыктуугу;

**3)** билим берүү уюмунун окутуучуларды тандоо, мотивациялоо жана бекемдөө үчүн, ошондой эле изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн шарттарды түзүүсү;

**4)** окутуучулардын билим берүү программасына, мамлекеттик билим берүү стандарттарына, эмгек рыногунун керектөөлөрүнө ылайык келүүчү жана билим берүүнүн сапатын жогорулатууга шарт түзүүчү окуу куралдарынын, окуу китептеринин үстүнөн иштөөсү;

**5)** билим берүү уюму тарабынан иштелип чыккан, окутуучулук жана окутуучу-көмөкчү курамдын квалификациясын жогорулатуучу реалдуу пландарынын болушу;

**6)** окутуучулук жана окутуучу-көмөкчү курамдын квалификациясын жогорулатуунун туруктуу иштөөчү, кесиптик жактан өнүгүүгө жана өзүнүн ишинин чөйрөсүндө дайыма маалымдуу болууга мүмкүн берген системасынын болушу;

**7)** окутуучуларды инновациялык билим берүү усулдарына жана технологияларына мезгилдүү окутууга шарт түзүүсү.

**18.** Жогорку жана орто кесиптик билим берүү уюмдары ушул Минималдуу талаптардын 17-пункту менен каралган чен-өлчөмдөрдөн тышкары окутуу менен илимий изилдөөлөрдүн ортосундагы байланышты чыңдоо, окутуунун инновациялык усулдарын киргизүү, алдыңкы технологияларды колдонуу үчүн илимий ишке кызыктыруу тутумуна ээ болот.

## 7. МАТЕРИАЛДЫК-ТЕХНИКАЛЫК БАЗАГА ЖАНА МААЛЫМАТ РЕСУРСТАРЫНА МИНИМАЛДУУ ТАЛАПТАР

**19.** Билим берүү уюму жетиштүү, жеткиликтүү жана билим берүү максаттарына ылайыктуу материалдык-техникалык жана маалымат ресурстарына ээ болушун кепилдөөсү зарыл.

**20.** Башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдарындагы материалдык-техникалык жана маалымат ресурстарына чен-өлчөмдөр:

**1)** окуучулардын (студенттердин) ар кыл топторун, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды керектүү материалдык ресурстар менен (китепкана фонддору, компьютердик класстар, окуу жабдуулары, башка ресурстар) менен камсыздоо;

**2)** билим берүү уюму тарбынан окуу аянттарынын жакшы абалын жана жеткиликтүүлүгүн камсыздоо;

**3)** окуу жайдын бөлмөлөрү санитардыкгигиеналык ченемдер менен эрежелерге, өрт коопсуздугунун талаптарына, ошондой эле Кыргыз Республикасынын эмгекти коргоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык эмгекти коргоо жана коопсуздук ыкмасынын талаптарына туура келиши;

**4)** жатаканада (бар болсо) окуу, жашоо жана эс алуу үчүн шарттарды камсыздоо;

**5)** окуу залдарда жана китепканаларда иштөө үчүн тиешелүү шарттарды түзүү;

**6)** тамактануу үчүн (ашкана же буфет бар болсо) тиешелүү шарттарды, ошондой эле билим берүү уюмунун медпункттарында медициналык тейлөө үчүн тиешелүү шарттарды камсыздоо;

**7)** окуучуларды (студенттерди) окуу процессин толук ишке ашыруу үчүн зарыл жабдуулар, окуу китептери, окуу куралдары жана башка окуу-усулдук материалдар, анын ичинде электрондук ресурстар менен камсыздоо;

**8)** окуучуларды (студенттерди) окууга шыктандыруу жана натыйжаларга жетишүүсүнө түрткү берүү максатында тиешелүү адам ресурстары (кураторлор, класс жетекчилер, жатаканадагы тарбиячылар, психологдор ж.б.) менен камсыздоо.

**21.** Жогорку кесиптик билим берүү уюму ушул Минималдуу талаптардын 20-пункту менен каралган чен-өлчөмдөрдөн тышкары студенттердин илимий иши үчүн тиешелүү шарттарды камсыздайт.

## 8. МААЛЫМАТТЫ БАШКАРУУГА ЖАНА АНЫ КООМЧУЛУККА ЖЕТКИРҮҮГӨ МИНИМАЛДЫК ТАЛАПТАР

**22.** Билим берүү уюму ишке ашырылып жаткан билим берүү программалары жана берилүүчү квалификациялар боюнча туура жана объективдүү, жетиштүү жана сапаттуу маалыматты дайыма өз убагында жарыялап турууга тийиш.

Билим берүү уюмунун социалдык ролу ишке ашырылып жаткан программа жана аны аткаруунун күтүлгөн натыйжалары, берилүүчү квалификациялар, окутуунун деңгээли, окутуунун жана баалоонун жол-жоболору жана окуучулардын (студенттердин) окуу мүмкүнчүлүгү жөнүндө коомчулукка маалымдоону камтууга тийиш. Билим берүү уюму өз сайтына өзүнүн иши жөнүндө объективдүү маалыматтарды, анын ичинде ишке ашырылып жаткан билим берүү программаларынын тизмесин такай жарыялап турууга тийиш, бул маалыматтар так, туура, объективдүү жана жеткиликтүү болушу керек.

**23.** Башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдарында маалыматты башкаруу жана аны коомчулукка жеткирүүгө карата ченөлчөмдөр:

**1)** өзүнүн билим берүү максатын пландаштыруу жана ишке ашыруу үчүн билим берүү уюму төмөнкүдөй маалыматты чогултат, системага салат, жалпылайт жана сактайт:

- окуучулардын (студенттердин) контингенти жөнүндө маалыматтарды;
- окуучулардын (студенттердин) катышуусу жана жетишүүсү, жетишкендиктери жөнүндө маалыматтарды;
- окуучулардын (студенттердин), алардын ата-энелеринин, бүтүрүүчүлөрдүн жана жумуш берүүчүлөрдүн билим берүү программаларын ишке ашырууга жана анын натыйжаларына канааттангандыгы;
- материалдык жана маалыматтык ресурстарынын жеткиликтүүлүгү;
- бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусу;
- студенттердин илимий изилдөө иштеринин натыйжалары (жогорку окуу жайлар үчүн);
- билим берүү уюмунун ишинин майнаптуулугунун негизги көрсөткүчтөрү;

**2)** билим берүү уюмунун окуучуларынын (студенттеринин) жана кызматкерлеринин ушул Минималдуу талаптардын 23-пунктунун 1-пунктчасында көрсөтүлгөн маалыматты чогултууга жана талдоого, кийинки ишаракеттерди пландаштырууга катышуусу;

**3)** билим берүү уюмунун өзүнүн иши жөнүндө маалыматты коомчулукка туруктуу негизде берүүсү, анын ичинде: - миссиясы;

- билим берүү максаттары;
- окутуунун күтүлүүчү натыйжалары;
- берилүүчү квалификациялар;
- окуунун жана окутуунун формалары жана каражаттары;
- баалоонун жол-жоболору;
- өтүү үчүн балл жана окуучуларга (студенттерге) берилүүчү мүмкүнчүлүктөр;
- бүтүрүүчүлөрдү ишке орноштуруу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө маалымат;
- студенттердин илимий изилдөөчү иштеринин жыйынтыктары (жогорку окуу жайлар үчүн);

**4)** билим берүү уюму коомчулукка маалымат берүү үчүн өзүнүн сайтын жана жалпыга маалымдоо каражаттарын пайдалануусу.

**24.** Орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдарында ушул Минималдуу талаптардын 23-пункту менен каралган чен-өлчөмдөрдөн тышкары билим берүү уюмун башкаруу башкаруунун автоматташтырылган (программалык) тутумунун жардамы менен жүзөгө ашырылат. Андай тутум жок болсо орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюму аны иштеп чыгууну же сатып алууну жана эксплуатациялоого киргизүүнү пландаштырат.

# 4. ТЫШКЫ БАЛООНУ ЖҮРГҮЗҮҮ ҮЧҮН ОКУУ ЖАЙГА ЭКИ КҮНГӨ БАРУУНУН ПРОГРАММАСЫ

| Саат | Мүнөт | Биринчи күн | Экинчи күн |
|---|---|---|---|
| 8 | 30-40 | Саламдашуу жана референт тарабынан эксперттик комиссиянын тааныштырылышы | Документациялар менен иш алып баруу |
| | 40-59 | Уюштуруу маселелерин чечип алуу (сабактардын жүгүртмөсү, сабакка кирип катыша турган предметтер өтүлгөн аудиториялар, эксперттер үчүн жабдылган бөлмөнү бөлүп берүү) | |
| 9 | 00-20 | Окуу жайды кыдырып карап чыгуу | |
| | 20-30 | | |
| | 30-40 | | |
| | 40-59 | | |
| 10 | 00-20 | Окуучулар менен интервью | Эксперттердин кеңешмеси |
| | 20-30 | | |
| | 30-40 | | Документациялар менен иш алып баруу |
| | 40-59 | | |
| 11 | 00-20 | Сабактарга кирүү (1-жалпы билим берүүчү предмет, 1-адистештирилген предмет) | |
| | 20-30 | Документациялар менен иш алып баруу | |
| | 30-40 | | |
| | 40-59 | | Тышкы баалоонун алдын-ала жыйынтыктарынын үстүндө иштөө |
| 12 | 00-50 | Түшкү тамак | Түшкү тамак |
| 13 | 00-20 | Эксперттердин кеңешмеси | Документациялар менен иш алып баруу |
| | 20-30 | | |
| | 30-40 | Ата-энелер менен интервью | |
| | 40-59 | | |
| 14 | 00-20 | | Тышкы баалоонун алдын-ала жыйынтыктарынын үстүндө иштөө |
| | 20-30 | | |
| | 30-40 | Окутуучулар менен интервью | |
| | 40-59 | | |
| 15 | 00-20 | | Директор менен интервью |
| | 20-30 | | |
| | 30-40 | Бүтүрүүчүлөр менен интервью | |
| | 40-50 | | |
| 16 | 00-20 | | Жыйынтыктоочу отчёттун үстүндө иштөө |
| | 20-30 | | |
| | 30-40 | Социалдык өнөктөштөр менен интервью | |
| | 40-50 | | |
| 17 | 00-29 | | Окуу жайдын администрациясына алдын-ала жасалган корутундуларды берүү |
| | 30 | Биринчи күндүн аякталышы | Окуу жайга баруунун аякталышы |

# 5. КЕСИПТИК ОКУУ ЖАЙЫНЫН АККРЕДИТАЦИЯГА ДАЯРДАНУУСУНУН ЖАНА ӨТҮҮСҮНҮН ТАРТИБИ

## Максат:

Аккредитациялоодон ийгиликтүү өтүү.

## Милдеттер:

1. Өзүн-өзү баалоо боюнча комиссия түзүү, комиссиянын мүчөлөрүнүн ортосунда ролдорду жана стандарттарды бөлүштүрүү.
2. Кылдат, далилдүүлүк жана чынчыл өздүк баалоону өткөрүү жана өзүн-өзү баалоо боюнча сапатту отчетту жазып тапшыруу.
3. Эксперттик комиссиянын тышкы баалоону даярдоосу жана өткөрүүсү.
4. Эксперттик корутундуну талдоо (анализдөө), жана керектөөгө жараша, кошумча маалыматтарды агенттикке берүү, эксперттик комиссиянын сунуштамаларын аткаруу боюнча иш-аракеттердин планын иштеп чыгуу, мүмкүн болгон пункттарды аткаруу жана анын аткарылган пункттары тууралуу маалыматтарды берүү.
5. Иш-аракеттердин иштелип чыккан планын аткаруу жана анын аткарылышы тууралуу маалыматтарды агенттикке бекитилген мөөнөттөрдө берүү.

**Иш аракеттердин болжолдуу планы:**

1. Аккредитациялык агенттик менен дайыма байланышта болуу үчүн байланыштыруучу тарапты дайындоо.
2. Аккредитациялык агенттиктин өкүлдөрү менен жолугушуу, кеңеш, маалыматтарды алуу, мөөнөттөрдү бекитүү.
3. Өзүн-өзү баалоо боюнча комиссия түзүү, комиссиянын мүчөлөрүнүн ортосунда ролдорду жана стандарттарды бөлүштүрүү. Байланыштыруучу жак өзүн-өзү баалоо боюнча комиссиянын курамында болушу керек.
4. Өзүн-өзү баалоо боюнча комиссиянын ишине жетекчилик көрсөтмө берүү жана окуу жайдын жетекчилигинин туруктуу көзөмөлү.
5. Аккредитациялоо боюнча стандарттардын жана чен-өлчөмдөрдүн (критерийлердин) аткарылышынын документалдык далилдерин табуу жана даярдоо.
6. Өзүн-өзү баалоо боюнча отчёттун биринчи вариантын жазуу жана аны талкуулоо.
7. Кылдаттык, далилдүүлүк жана өзүн-өзү сындай билүүчүлүккө басым (акцент) кылуу менен отчётту жеткиликтүү иштеп чыгуу, Өзүн-өзү баалоо боюнча сапаттуу отчёт ийгиликтүү аккредитациялоонун зарыл жана милдеттүү шарты экендигин аңдаптүшүнүү керек. Өзүн-өзү баалоо боюнча отчётко бааны эксперттик комиссия берет. Жана отчёт жакшы деп бааланган учурда гана, ийгиликтүү аккредитациялоо тууралуу чечимди кабыл алуу жөнүндө маселе андан ары каралышы мүмкүн.
8. Аккредитациялык агенттикке аккредитациялоо тууралуу арыз берүү. Өзүн-өзү баалоо боюнча отчётту арыз менен кошо агенттикке тапшыруу.
9. Аккредитациялык агенттик менен аккредитациялоону жүргүзүү боюнча келишим түзүү.
10. И нтервью алына турган талапкерлердин, катыша турган сабактардын, карап чыга турган бөлмөлөрдүн жана тышкы баалоо үчүн керектүү башка маалыматтардын тизмесин түзүү.
11. Тышкы баалоо боюнча иш-чараларды уюштуруу (эксперттик комиссия үчүн жабдууланган бөлмөнү даярдоо, эксперттердин тамактануусу, аларды жайгаштыруу маселелерин чечүү, эксперттерди коштоп жүрүүчү жана жаралган маселелерди ыкчам чечүүчү тараптарды дайындоо ж.б.).
12. Эксперттик комиссиянын жыйынтык отчётун талдоо (анализдөө) жана агенттикке, керектөөгө жараша, кошумча маалыматтарды берүү.
13. Эксперттик комиссиянын сунуштамаларын аткаруу боюнча иш-аракеттердин планын иштеп чыгуу.

14. Пландын, аккредитациялоо тууралуу чечимдер кабыл алынганга чейинки кыска убакыт аралыгында аткарууга мүмкүн болгон, пункттарын ишке ашыруу.
15. Аккредитациялоо тууралуу чечимдер кабыл алынганга чейин аккредитациялык агенттикке планды жана анын аткарылган пункттары тууралуу маалыматтарды берүү.
16. Аккредитациялоо тууралуу чечимди алуу. Эксперттик комиссиянын сунуштамаларын аракеттердин планын аткаруу жана ал тууралуу маалыматтарды агенттикке бекитилген мөөнөттөрдө берүү.
17. Кырдаал-шартка жараша башка иш-аракеттерди аткаруу

# 6. КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ЖАНА ОКУУ ЖАЙЛАРЫН ӨЗҮН-ӨЗҮ БААЛОО БОЮНЧА ОТЧЁТУН ЖАЗУУДАГЫ СУНУШТАМАЛАР

**Бул усулдук (методикалык) сунуштамалар кесиптик окуу жайдын жетекчисинин буйругу менен түзүлгөн, аккредитацияланууучу кесиптик билим берүү программаларын өздүк баалоо боюнча комиссия үчүн, өзүн-өзү баалоо боюнча отчётту жазууда жардам катары иштелип чыккан.**

Билим берүү программасынын сапатын баалоо үчүн отчётторду салыштырууга жетишүү жана бардык факторлорду эсепке алуу максатында отчёттордун түзүмүнө жана мазмунуна карата бирдиктүү талаптар көрсөтүлгөн.

Өзүн-өзү баалоо боюнча комиссиянын отчёту аткарылган иштер тууралуу бүтүндөй комиссиянын жалпы, макулдашылган отчёту болуп саналат.

**1.ОТЧЕТКО КАРАТА ЖАЛПЫ ТАЛАПТАР**

Отчёт А4 форматтагы титулдук барактан башталат, ал отчёттун мукабасы болуп саналат. Титулдук баракта өзүн-өзү баалоо боюнча комиссиянын өкүлдөрүнүн аты-жөнү берилиши керек. Аты-жөнү жазылган жердин каршы жагында кол тамгалар коюлушу шарт. Барактын ортосуна – жогору турган мекеменин жана жыйынтык отчёт жазылган окуу жайдын, аккредитацияланган программалардын (программалык аккредитациялоо болгон учурда) толук аталыштары, ал эми барактын ылдый жагында - аккредитациялык агенттикке (АА) отчёттун тапшырылган убактысы көрсөтүлүшү зарыл.

Экинчи баракта отчёттун мазмуну, бөлүмдөрдүн беттерин көрсөтүү менен, берилиши керек. Кийинки бетте кыскартуулардын тизмеси камтылышы кажет. Отчёттун текстинин шрифти - 12 Times New Roman, бөлүмдөрдүн аталыштарынын шрифти - 14 Times New Roman болушу шарт, аларды коюуланган шрифт менен бөлүп көрсөтүү зарыл. Тексттеги саптардын ортосундагы интервал жалаң кат (бир кабат) болушу керек.

Отчёттун бардык беттерин номурлап чыгуу абзел. Барактагы тексттин чектемелери: сол жагынан, оң жагынан, өйдө жагынан, төмөн жагынан 2 сантиметрден болот. Отчёттун бардык таблицалары, графиктери жана сүрөттөрү кол коюлуп жана номурланышы керек. Тиркемелер да номурланат.

Отчётту жазууда кылдаттыкка, далилдүүлүккө жана өзүн-өзү сындай билүүчүлүккө көңүл буруу керек. Өзүн-өзү баалоо боюнча сапаттуу отчёт ийгиликтүү аккредитациялоонун зарыл жана милдеттүү шарты экендигин аңдап-түшүнүү керек. Өзүн-өзү баалоо боюнча отчётту АА тарабынан түзүлгөн тышкы эксперттик комиссия баалайт. Жана өзүн-өзү баалоо боюнча отчёт жакшы деп бааланган учурда гана ийгиликтүү аккредитация тууралуу чечим кабыл алынышы мүмкүн.

Билим берүү уюмдун (программанын) өзүн-өзү баалоо боюнча отчётту аккредитациялоо жүргүзүү жөнүндө арыз менен кошо аккредитациялык агенттикке берилиши керек.

**2. ӨЗҮН-ӨЗҮ БААЛОО БОЮНЧА ОТЧЁТТУН ТҮЗҮМҮ**

Өзү-өзү баалоо боюнча отчёт төмөнкү бөлүмдөрдөн турушу керек:
- Киришүү;
- 1-аккредитациялык стандарттын аткарылышын талдоо жана анын далилдери;
- 2-аккредитациялык стандарттын аткарылышын талдоо жана анын далилдери;
- 3-6-стандарттар боюнча ушундай сыяктуу;
- 7-аккредитациялык стандарттын аткарылышын талдоо жана анын далилдери;

- Корутунду;
- Тиркемелер.

**3.КИРИШҮҮ**

Киришүүдө төмөнкүдөй маалымат берилиши зарыл:
- окуу жайдын (ОЖ) почталык дареги, телефондор, факс, e-mail, веб-сайт;
- окуу жайды (ОЖ) түзүү тууралуу маалыматтар (окуу жайды түзүү тууралуу тескөөчү документтердин көчүрмөсү тиркелиши керек);
- окуу жайдын уюштуруучулук-укуктук формасы жана менчик формасы тууралуу маалыматтар (тиешелүү документтердин көчүрмөсү тиркелиши керек);
- окуу жайдын директорунун, анын орун басарларынын, аккредитациялоо үчүн жооптуу тараптын аты-жөнү жана алар менен байланышуу маалыматтары (телефондор жана e-mail); - өзүн-өзү баалоо боюнча комиссиянын курамы;
- окуу жайда жүзөгө ашырылып жаткан билим берүү программаларынын тизмеси;
- билим берүү программаларына берилген лицензиялар тууралуу маалыматтар (лицензиялардын көчүрмөсү тиркелиши керек);
- окуу жайдын жана билим берүү программаларынын аккредитацияланышы (аттестацияланышы) тууралуу маалыматтар (аккредитациялоо (аттестациялоо) тууралуу тастыктамалардын (сертификаттардын) көчүрмөлөрү тиркелиши керек);
- окуу жай татыктуу болгон сыйлыктар тууралуу маалыматтар (тиешелүү документтердин көчүрмөлөрү тиркелиши керек);
- окуу жайдын ар кыл уюмдардагы мүчөлүгү тууралуу маалыматтар (тиешелүү документтердин көчүрмөлөрү тиркелиши керек);
- бардык билим берүү программалары жана курстары боюнча окугандардын саны тууралуу маалыматтар (тиешелүү документтердин көчүрмөлөрү тиркелиши керек);
- аккредитациялана турган тараптынбилим берүү программаларынын окуу пландары (программалык аккредитациялоодо);
- окуу жайдын түзүлүшүнүн жана өнүгүшүнүн  кыскача тарыхы.

**4.  АККРЕДИТАЦИЯЛЫК СТАНДАРТТАРДЫН АТКАРЫЛЫШЫН ТАЛДОО (АНАЛИЗ)  ЖАНА АНЫН ДАЛИЛДЕРИ**

Билим берүү уюмунун (программанын) өзүнөзү баалоо жөнүндөгү отчётунда билим берүү программасынын же окуу жайынын бардык аккредитациялык стандарттарды жана ченөлчөмдөрдү (критерийлерди) аткарышын талдоонун (анализдин) жыйынтыктарын ырааттуу түрдө берүү зарыл. Талдоо (анализ) сынчыл, далилдүү жана бардык аккредитациялык стандарттарга тиешелүү болушу керек. Стандарттардын жана ченөлчөмдөрдүн (критерийлердин) аткарылышынын далилдери документалдуу түрдө болушу абзел.

Ар бир аккредитациялык стандартка өзүнчө бөлүмчөлөр арналат. Талдоо (анализ) жүргүзүү учурунда “Кыргыз Республикасынын аккредитацияланып жаткан башталгыч жана орто кесиптик билим берүү уюмдарына жана программаларына карата коюлган минималдык талаптар (стандарттар)” документин колдонуу абзел.

Ар бир аккредитациялык стандарт бир нече аккредитациялык критерийлерден турат. Ар бир критерий ынанымдуу сунуш түрүндө берилген. Эгер Сиз бул сунуш адилеттүү экендигин далилдей ала турган болсоңуз, анда критерий аткарылат. А бирок далилдер документалдуу болууга тийиш. Бардык аккредитациялык критерийлердин аткарылышын ырааттуу талдап чыгуу зарыл.

Бул стандарттын аккредитациялык критерийлеринин аткарылышын талдоонун жыйынтыгынын негизинде аккредитациялык стандарттын аткарылышы, эскертүүлөр менен аткарылышы же аткарылбашы тууралуу тыянактарды жасоо керек.

Мындан тышкары, бул стандарттын аккредитациялык чен-өлчөмдөрүнүн (критерийлеринин) аткарылышын талдоонун жыйынтыктарынын негизинде билим берүү программасынын күчтүү жана

алсыз жактарын белгилеш керек. Күчтүү жана алсыз жактар да документалдуу түрдө далилдениши кажет.

Бөлүмчөнүн аягында төмөнкүлөр берилет:

- стандарт боюнча окуу жайдын (билим берүү программасынын) күчтүү жактары;
- стандарт боюнча окуу жайдын (билим берүү программасынын) алсыз жактары; - стандарттын аткарылышынын баалоосу.

Ар бир аккредитациялык стандарт үчүн аккредитациялык чен-өлчөмдөрдүн (критерийлердин) аткарылышын талдоону (анализди) өзүнчө бөлүмчө аркылуу берүү керек.

Корутундуларга негиз болгон маалыматтардын баардыгы көрсөтүлүшү керек же ал маалыматтарды табуу үчүн шилтеме берилиши зарыл. Эгер формулалар же салыштыруу үчүн башка булактардан маалыматтар берилсе, аларды да көрсөтүүгө тийиш же аларды табуу үчүн шилтеме берилиши абзел (мисалы, Тиркеме №1, 14-бет).

## 5. КОРУТУНДУ

Бөлүмдө төмөнкүлөр берилиши керек:

- ар бир аккредитациялык стандарт боюнча билим берүү программасынын күчтүү жактары;
- ар бир аккредитациялык стандарт боюнча билим берүү программасынын алсыз жактары; - ар бир стандарттын аткарылышынын баалоосу.

## 6.ТИРКЕМЕЛЕР

Бул бөлүмдө, отчёт негизделип жазылган, баштапкы маалыматтар камтылышы зарыл. Сурамжылоо баракчаларына кайрыла турган болсок, жалпыланган жыйынтыктарды берүү жетиштүү болот. Ошондой эле ар кыл отурумдардын протоколдорунан көчүрмөлөрдү жана сабактарга катышып байкоо салуу барактарын кошуу сунушталат. Эгер мамлекеттик органдар же эл аралык уюмдар тарабынан топтолгон статистикалык материалдар пайдаланылган болсо, анда, ал материалдардын булактарын көрсөтүү менен, алардын кагазга басылып чыгарылган варианты да тиркелиши зарыл.

Ар бир тиркеме жаңы барактан башталып, аталыштары коюлуп жана өсүү тартиби боюнча номурланышы керек (мисалы, Тиркеме 1, Тиркеме 2 ж.б.у.с.). Тиркемелери бар, бүтүндөй отчёттун номурланышы өтмө болушу керек. Материалдын сырткы көрүнүшү мыкты болушу үчүн тиркемелердин барактарынын санын минималдаштыруу сунушталат.

## 7. 4-бөлүм үчүн мисалдар

**Мисал 1:** 6.4. «Жатаканада (эгер бар болгон болсо) окуу, жашоо жана эс алуу үчүн жакшы шарттар камсыздалат» аккредитациялык критерийдин аткарылышын талдоо (анализ).

Жатаканалар университетке таандык, университеттин түзүмүндө колледж бар, биргелешип пайдалануу тууралуу келишимдер бар  (Тиркеме 4, 34-37-бб.). Ар бир жатаканада эс алуу жана иштөө үчүн бөлмөлөр, ашкана, электр плиткалары, демдеме мештер, 30 орундуу кино бөлмөлөр, теннис үчүн оюн залы, 100 орундуу жыйындар залы, ар бир бөлмөдө санитардык түйүн (санузел) бар (Тиркеме 4, техникалык паспорттогу бөлмөлөрдүн планы, 41-44-бб.).

Жатакана жакшы абалда жана өзүнүн функционалдык милдетине туура келет (Тиркеме 4, жатаканаларды оңдоп-түзөө боюнча иштерди кабыл алуунун актысы, 58-64-бб.). Директордун тарбия иштери боюнча орун басарынын жетекчилиги астында студенттик кеңештин төрагасы жана жатакананын администрациясы менен тыгыз байланышта студенттик кеңештин отурумдары, жашоочулардын чогулушу өткөрүлөт, колледждин мурунку бүтүрүүчүлөрү менен жолугушуулар уюштурулат, тематикалык кечелер, жатакананын секцияларынын ортосунда шайыр-шамдагайлар клубу (ШШК), маданий-массалык иш-чаралар өткөрүлөт (Тиркеме 4, студкеңештин иштеринин планы, маданиймассалык иш-чаралардын планы, студкеңештин отурумдарынын, жашоочулардын чогулуштарынын протоколдорунан көчүрмөлөр, бүтүрүүчүлөр менен жолугушуулар, тематикалык кечелер, ШШК (КВН) жана башка иш-чаралар тууралуу кулактандыруулар, иш-чаралардын сүрөттөрү, 77-98-бб.).

Жатаканада жашоо үчүн төлөм акы базар бааларынан төмөн жана ата-энелер үчүн алгылыктуу. Муктаж студенттерге материалдык жардам көрсөтүлөт. Өзгөчө жардам томолой жана жарым жетимдерге,майыптарга көрсөтүлөт (Тиркеме 4, 63-, 64-, 65-, 66-, 67-, 68-бб.).

**Мисал 2:** «Окутуучулар жана окуу-көмөкчү курам»
5-стандарттын күчтүү жана алсыз жактары
**Күчтүү жактар:**

1. Окутуучулардын жогорку квалификациясы.
2. Илимий жана окуу квалификациясын жогорулатуу үчүн жакшы демилге берүүчү себептер (стимулдар).

**Алсыз жактар:**

1. Сабактар үзгүлтүккө учураган учурлар кездешет.
2. Башка колледждер менен начар окуу байланышы.

# 7. ЭКСПЕРТТИН БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ЖАНА ОКУУ ЖАЙЛАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО БОЮНЧА ИШКЕ ДАЯРДЫГЫ ТУУРАЛУУ АРЫЗЫ

Мен, Аккредитациялык агенттик (АА) тарабынан өткөрүлүп жаткан аккредитациялоо боюнча ишке эксперт катары катышууга өзүмдүн даярдыгым тууралуу билдирем жана төмөнкүдөй милдеттерди аткарууга даярмын:

- билим берүү программаларынын же окуу жайдын өзүн-өзү баалоо боюнча отчётун карап чыгуу жана анын жыйынтыгы боюнча алдынала корутунду (баалоо) түзүү (2 барактын чегинде);
- окуу жайга барууга катышуу;
- эксперттик комиссия тарабынан өткөрүлгөн талкууларга катышуу;
- эксперттик комиссиянын жыйынтыктоочу отчётун түзүү (окуу жайга баргандан кийин 10 күн аралыгында);
- АА тарабынан эскертүүлөр берилген же окуу жай корутунду менен макул болбогон учурларда маалыматтарды кайра текшерүү;
- АА өткөргөн окутууларга жана жетекчилик көрсөтмө берүүлөргө катышуу;
- эксперттик комиссиянын мүчөлөрүнө карата АА тарабынан талап кылынган бардык талаптарды аткаруу.

**АККРЕДИТАЦИЯНЫН АЛКАГЫНДА ОБЪЕКТИВДҮҮЛҮК ТӨМӨНКҮ УЧУРЛАРДА ЖОК БОЛУШУ МҮМКҮН:**

- эксперт акыркы 3 жыл аралыгында аккредитацияланып жаткан окуу жайда окутуучу /устат (же башка кызматта) катары эмгектенген учурда;
- азыркы учурда аккредитацияланып жаткан окуу жайда консультант, эксперт катары же башка кызматта эмгектенген учурда;
- эксперт аккредитацияланып жаткан окуу жай менен конфликттик жагдайда (сот өндүрүшүндө) болгон учурда;
- эксперт аккредитацияланып жаткан окуу жайдын кызматкерлеринин кимдир-бирөөсү менен тугандык же башка жакын жеке байланышта болгон учурда.

Мен аккредитациялоо процессинде объективдүү болууга милдеттенем.
Мен эксперттик баалоонун сапатынын жогорку стандарттарын колуман келишимче кармануугa милдеттенем.

Мен аккредитациялык процесстин алкагында берилген документтерди жашыруун (конфиденциалдуу) түрдө карап чыгууга кепилдик берем.

Мен, менин атым, жыйынтыктоочу экспертизага байланыштуу басылып чыгышына макулмун.

Мен, Кыргыз Республикасынын билим берүү программаларын жана окуу жайларын аккредитациялоонун ишенимдүүлүгү жана аброю, эксперттердин аккредитациялоо учурунда жана аккредитациялоодон кийинки мезгилдерде өздөрүн кандай алып жүрүүсүнө жараша бекемделээрин жана төмөндөөрүн түшүнөм. Мен, объективдүүлүктү жана мен көрсөтүп жаткан кызматтардын жогорку стандарттарын камсыздоо маанилүү экенин түшүнөм.

Аты-жөнү
Кол тамгасы, коюлган күнү

# 8. ЭКСПЕРТТЕР ҮЧҮН КОЛДОНМО

**Бул документ, Башталгыч жана орто кесиптик билим берүү программаларын жана окуу жайларын аккредитациялоо боюнча эксперттерге (мындан ары эксперттер) коюлган негизги талаптарды, аккредитациялоого даярдоонун жана өткөрүүнүн тартибин аныктайт.**

Эксперттин негизги максаты кесиптик билим берүү программаларында  же окуу жайларында аккредитациялык стандарттардын жана ченөлчөмдөрдүн (критерийлердин) аткарылышын көз карандысыз объективдүү баалоо болуп саналат.

Бул максат, стандарттардын аткарылышын баалоо менен катар, аккредитацияланып жаткан кесиптик билим берүү программаларынын же окуу жайларынын күчтүү жана алсыз жактарын аныктоого жана билим берүүнүн сапатын же окуу жайдын натыйжалуулугун жакшыртуу үчүн сунуштамаларды түзүүгө да багытталган.

## ЭКСПЕРТКЕ КАРАТА ТАЛАПТАР

Эксперт өзүнүн функцияларын аткарышы үчүн тиешелүү кесиптик шык-билимдерге (компетенцияларга) ээ болушу зарыл, мамлекеттик же өздүк үлгүдөгү документ менен тастыкталган тиешелүү кесиптик билими болушу шарт, аккредитациялоо чөйрөсүндө практикалык ишинин документалдык тастыкталган тажрыйбасы (3 жылдан кем эмес) болушу керек.

Эксперт аккредитациянын стандарттарынын жана чен-өлчөмдөрүнүн (критерийлеринин) аткарылышын баалоо боюнча адилеттүү жана көз карандысыз чечимдерди кабыл алууга тийиш.

Эксперт объективдүү, аккредитацияланып жаткан уюмдан, алардын кызматкерлеринен көз каранды эмес болушу керек, кабыл алынып жаткан чечимдерге таасирин тийгизе алган, анын коммерциялык жана каржылык кызыкчылыктары болбошу кажет.

Эксперт акыркы 3 жыл аралыгында ошол окуу жайда иштебеши керек, бул окуу жай менен байланышкан жумуштарга катышпашы зарыл.

Эксперт бул Аккредитациялык агенттикте же башка ушул сыяктуу агенттиктерде, документ менен тастыкталган окутуудан өтүүгө милдеттүү.  Эксперт эксперттик ишмердүүлүк башталардан мурун эксперттин арызына кол коюшу керек.

## ЭКСПЕРТТИН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

**Эксперттин милдеттери:**

- аккредитациялоо боюнча ишке киришүүгө даярдыгы тууралуу арызга кол коюу жана аны милдеттүү түрдө кармануу;
- окуу жайдын же программанын өзүн-өзү баалоо боюнча отчётун талдоо;
- окуу жайга баруу, документацияларды изилдеп карап чыгуу, окуу жайдын жетекчиси, окутуучулары, бүтүрүүчүлөрү, социалдык өнөктөштөрү, ата-энелер менен интервью өткөрүү;
- өзүн-өзү баалоо боюнча отчётту талдоонун жана окуу жайга баруунун жыйынтыктары боюнча, аккредитациянын стандарттарына жана чен-өлчөмдөрүнө (критерийлерине)

аккредитацияланып жаткан программанын же окуу жайдын шайкеш келиши же туура келбеши тууралуу корутунду менен, окуу жайдын күчтүү жана алсыз жактарын көрсөтүү менен, жана окуу жайды жана аккредитацияланып жаткан программаларды жакшыртуу боюнча сунуштамалар менен, жыйынтыктоочу отчётту жазуу;
- АА үчүн тышкы баалоону жакшыртуу боюнча сунуштарды түзүү;
- Аккредитациялык агенттикте тышкы баалоону жүргүзүү боюнча окутуудан маал-маалы менен өтүп туруу;
- Референттин көрсөтмөсү боюнча окуу жайдын же программанын аккредитацияланышы менен байланышкан кошумча текшерүүлөрдү же башка аракеттерди зарылдыкка жараша жүргүзүү.

**Эксперттин укуктары:**
- Аккредитациялоону жүргүзүү планы жана окуу жайга баруунун Программасы менен алдын-ала өз убагында таанышуу;
- аккредитацияланып жаткан окуу жайдын же программанын өзүн-өзү баалоо боюнча отчётун өз убагында алуу;
- жыйынтык отчётто тиешелүү аргументтер менен, эксперттик комиссиянын көз карашынан айырмаланган, өзүнүн өзгөчө көз карашын билдирүү;
- эксперттик иши үчүн сый акы жана башка чыгымдардын компенсациясын алуу;
- аккредитациялоо боюнча бардык тиешелүү ченемдик (нормативдик) документтерди алуу.

## АККРЕДИТАЦИЯЛООНУ ӨТКӨРҮҮ ПРОЦЕССИ

Аккредитациялоону өткөрүү процесси төмөнкүдөй этаптардан турат: • даярдык этабы;
- окутуу жана жетекчилик көрсөтмө берүү;
- окуу жайдын же программанын өзүн-өзү баалоо боюнча отчётун өздөштүрүү жана талдоо (анализ);
- окуу жайга баруу;
- жыйынтыктоочу отчётту жазуу.

### Даярдык этабы

Эксперт аккредитациялоону өткөрүү үчүн бардык керектүү материалдарды алат.

Аккредитациялоонун планы менен таанышат. Эксперттин аккредитациялоо боюнча иштерге даяр экендиги тууралуу арызга кол коёт (бир жолу).

### Окутуу жана жетекчилик көрсөтмө берүү

Эксперт Аккредитациялык агенттиктен окуу жайларды же программаларды аккредитациялоо боюнча окутуудан өтүшү керек. Мындай окутууну АА өткөрөт. Эксперт Аккредитациялык агенттикте окутуудан маал-маалы менен өтүп турууга милдеттүү. Ошондой эле экспертке аккредитациялоо процесси боюнча толук жетекчилик көрсөтмө жана окуу жайга баруунун программасы берилет.

### Окуу жайдын же программанын өзүн-өзү баалоо боюнча отчётун өздөштүрүү жана талдоо (анализ)

Эксперт өзүн-өзү баалоо боюнча отчёттун аккредитациялык стандарттарга жана ченөлчөмдөргө (критерийлерге) шайкеш келишин талдашы керек. Керек болгон учурларда эксперт аккредитацияланып жаткан окуу жайдан референт аркылуу кошумча маалыматтарды жана материалдарды сурап алууга укугу бар. Эксперттин окуу жайдын өзүнөн маалыматтарды түздөн-түз талап кылууга укугу жок. Талдоонун (анализдин) жыйынтыктары боюнча, эксперт жыйынтыктоочу отчёт үчүн сомоломолорду (наброски) жасашы керек жана аларды окуу жайга барган учурда аныктоо үчүн суроолорду түзүп алышы кажет.

### Окуу жайга баруу

Экспертке байкоо жүргүзүү үчүн окуу жайдын сабактарынын жүгүртмөсү сунушталышы керек. Ага интервью өткөрүү үчүн окутуучулардын, окуучулардын, ата-энелердин жана социалдык өнөктөштөрдүн тизмеси берилиши керек. Эксперт окуу жайды: лабораторияларды, китепканаларды, устаканаларды

жана башка инфраструктураларды графикке ылайык кыдырып чыгат. Эксперт башка эксперттер менен бардык зарыл маселелерди талкуулоого катышат.

**Жыйынтыктоочу отчётту жазуу**

Эксперт өзүн-өзү баалоо боюнча отчётту талдоонун (анализдин), сабактарга катышып байкоо жүргүзүүнүн, өткөрүлгөн интервьюнун, документацияларды жана окуу жайды карап чыгуунун жыйынтыктары боюнча жыйынтыктоочу отчёттун өз бөлүгүн жазат. Эксперт, эксперттик комиссиянын төрагасынын жетекчилиги алдындагы башка эксперттер менен биргеликте, жыйынтыктоочу отчётту жазууга катышат. Жыйынтыктоочу отчётто эксперт өзүн-өзү баалоо боюнча отчёттун сапатына баа бериши, окуу жайдын же программанын күчтүү жана алсыз жактарын көрсөтүшү, аккредитациялык стандарттардын жана критерийлердин аткарылышын баалашы жана, алардын негизинде, программаны же окуу жайды жакшыртуу боюнча сунуштамаларды түзүшү керек.

# 9. ЖЫЙЫНТЫКТООЧУ ОТЧЁТТУ ЖАЗУУ БОЮНЧА ЭКСПЕРТТИК КОМИССИЯ ҮЧҮН МЕТОДИКАЛЫК СУНУШТАМАЛАР

**МАЗМУНУ**

1. Киришүү
2. Отчётко карата талаптар
3. Отчёттун түзүмү
3.1. Киришүү
3.2. Өзүн-өзү баалоо боюнча отчётту талдоо (анализ)
3.3. Программаны же окуу жайды тышкы баалоо
3.4. Тышкы баалоонун жыйынтыктары, сунуштамалар жана корутундулар
3.5. Тиркемелер

## 1. КИРИШҮҮ

Бул методикалык сунуштамалар кесиптик билим берүү программаларын же окуу жайларын аккредитациялоо боюнча эксперттик комиссия үчүн аккредитациялоо боюнча жыйынтыктоочу отчётту түзүүдө эксперттик комиссияга жардам кылуу максатында иштелип чыккан.

Кесиптик билим берүү чөйрөсүндө окуу жайлардын ишмердүүлүгүнүн сапатын баалоо үчүн отчётторду салыштырууга жетишүү жана бардык ролеванттарды эсепке алуу максатында отчёттордун түзүмүнө жана мазмунуна карата бирдиктүү талаптар коюлат.

Эксперттик комиссиянын жыйынтыктоочу отчёту аткарылган иштер тууралуу бүтүндөй комиссиянын жалпы, макулдашылган отчёту болуп саналат. Эгер эксперттердин кимдир-бирөөсү эксперттик комиссиянын пикири менен макул эмес болгон болсо, анын өзгөчө пикирин аргументтер менен жыйынтыктоочу отчётто чагылдырууга мүмкүн.

## 2. ЖЫЙЫНТЫКТООЧУ ОТЧЁТКО КАРАТА ТАЛАПТАР

Отчёт титулдук барактан башталат, анын форматы Аккредитациялык агенттиги тарабынан сунуш кылынат жана ал отчёттун мукабасы болуп саналат. Көрсөтүлгөн жерде эксперттердин жетекчисинин аты-жөнү берилиши кажет. Аты-жөнү жазылган жердин каршысында кол тамгалар коюлушу шарт.

Барактын ортосуна – жыйынтык отчёт жазылган окуу жайдын, аккредитацияланган программалардын (программалык аккредитациялоо болгон учурда) аталыштары, аккредитациялоонун түрү (институттук, программалык), ал эми барактын ылдый жагында - отчёттун тапшырылган убактысы көрсөтүлүшү зарыл. Экинчи баракта отчёттун мазмуну, бөлүмдөрдүн беттерин көрсөтүү менен, берилиши керек. Кийинки бетте кыскартуулардын тизмеси камтылат. Отчеттун текстинин шрифти - 12

Times New Roman, бөлүмдөрдүн аталыштарынын шрифти - 14 Times New Roman болушу зарыл, аларды коюуланган шрифт менен бөлүп көрсөтүү керек. Тексттеги саптардын ортосундагы интервал жалаң кат (бир кабат) болууга милдеттүү.

Отчёттун бардык беттерин номурлап чыгуу керек. Барактагы тексттин чектемелери: сол жагынан, оң жагынан, өйдө жагынан, төмөн жагынан 2 сантиметрден болот. Отчёттун бардык таблицалары, графиктери жана сүрөттөрү кол коюлуп жана номурланат.

Жыйынтык отчёт эксперттик топ тарабынан АА менен макулдашылган мөөнөттөрдө, бирок окуу жайга баруунун аякталышынан 2 аптадан кечикпеген убактарда тапшырылышы керек.

Отчёттун түзүмү бул жерде берилген түзүмдү бекем сакташы керек.

## 3.ОТЧЁТТУН ТҮЗҮМҮ

Отчёттун түзүмү төмөнкүдөй түрдө болууга тийиш:

1. Киришүү
2. Өзүн-өзү баалоо боюнча отчетту талдоо (анализдөө)
3. Программаны же окуу жайды тышкы баалоо
4. Тышкы баалоонун жыйынтыктары, сунуштамалар жана корутундулар
5. Тиркемелер

### 3.1. Киришүү

Бул бөлүмдө милдеттер, аткаруучуларды тааныштыруу жана милдеттердин аткарылыш мөөнөттөрү камтылууга тийиш. Ошондой эле

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА БМЕТОДИЧЕСКОЕ ПОСОБИЕ ПО АККРЕДИТАЦИИ ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ ШТАЛГЫЧ ЖАНА ОРТО КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ ОКУУ ЖАЙЛАРЫН ОРГАНИЗАЦИЙ И ПРОГРАММ ПРОФЕССИОНАЛЬНОГО ОБРАЗОВАНИЯЖАНА ПРОГРАММАЛАРЫН КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ АККРЕДИТАЦИЯЛОО БОЮНЧА КОЛДОНМО

аккредитациянын түрү тууралуу кыскача жазуу жана аккредитациялана турган программалардын толук тизмесин келтирүү керек.

### 3.2. Билим берүү программасынын же окуу жайдын өзүн-өзү баалоо боюнча отчётун талдоо (анализ)

Бул бөлүмдө окуу жай тарабынан сунушталган, өзүн-өзү баалоо тууралуу отчёт боюнча билим берүү программасынын же окуу жайдын аккредитациялык стандарттарды аткарылышына талдоо (анализ) жүргүзүү керек. Талдоо (анализ) сынчыл, далилдүү жана бардык аккредитациялык стандарттарга тиешелүү болушу керек. Стандарттардын аткарылышынын далилдери документалдуу түрдө болушу керек.

Эгер өзүн-өзү баалоо тууралуу отчётко кошумча материалдар талап кылынган болсо, анда алар эмне үчүн талап кылынганын жана өзүн-өзү баалоо боюнча отчётту ал кандайча жакшырткандыгын аныктоо зарыл.

Окуу жайдын же программанын күчтүү жана алсыз жактарына жана алардын негиздүүлүгүнө көңүл буруу керек. Бардык түшүнүксүз суроолорду жеринен тактоо үчүн жазып алуу керек. Айрыкча окуу жайдын алсыз жактарына өзгөчө көңүл буруу керек, себеби алар аккредитацияланып жаткан программанын же окуу жайдын ишинин сапатынын жакшырышы үчүн мындан ары сунуштамаларды түзүүдө башталгыч (таяныч) материал болуп саналышат.

Андан кийин өзүн-өзү баалоо тууралуу отчёт боюнча аккредитациялык стандарттардын аткарылышына баа берүү зарыл. Аткарылышын - «аткарылып жатат», «эскертүүлөр менен аткарылып жатат», «аткарылган жок» деп баалоо керек.

Эксперттердин жана окуу жайдын баалоолору боюнча айырмаланган стандарттарга өзгөчө көңүл буруу керек. Өзүн-өзү баалоо боюнча отчётто программанын же окуу жайдын алсыз жана күчтүү жактарына өздүк баа берүү  зарыл.

Окуу жайга барууда тышкы баалоону жүгүзүү үчүн стандарттардын аткарылышынын баалоонун негизинде конкреттүү милдеттерди түзүп алуу зарыл (тактоо, аныктоо ж.б.у.с.).

Бөлүмдүн аягында өзүн-өзү баалоо боюнча отчётко - «жакшы», «канааттандырарлык», «канааттандырбайт» деген баа берүү кажет.

Жыйынтыктоочу отчётту ушул этаптан эле жазып баштоо жана ага өзүн-өзү баалоо боюнча отчётту талдоонун (анализдөөнүн) жыйынтыктарын киргизүү дурус болот. Бул убакытты кыйла үнөмдөйт, тышкы баалоонун сапатын жогорулатат жана эксперттердин ишин жеңилдетет.

### 3.3. Программаны же окуу жайды тышкы баалоо

Жыйынтыктоочу отчетту жазыш үчүн бул бөлүмдө окуу жайга барууну толугу менен сүрөттөп берүү зарыл. Эксперттер төмөнкүлөрдү көрсөтүшү керек: • Баалоонун объектиси эмне болгондугун;

- Баалоону жүргүзүүнүн ыкмаларын (карап чыгуу, интервью, сабактарга катышуу ж.б.);
- Качан жана кандай документтер алынганын, ошондой эле маалыматтын түрүн жана анын булагын көрсөтүү да пайдалуу (мисалы, сабактын жүрүшүнө байкоо салынган учурда эксперттерге сабак өтүүнүн интерактивдүү методикасы көрсөтүлгөн ж.б.у.с.);
- окуу жайга баруунун мөөнөттөрү;
- программанын же окуу жайдын күчтүү жана алсыз жактары;
- ар бир стандарттын аткарылышынын далилдери жана аткарылышынын даражалары.

Отчётту жазууда дефинициялардын (аныктамалардын) жана белгилердин конкреттүү (так) топтомун пайдалануу сунуш кылынат. Ошондой эле, аккредитация тууралуу чечимдерди кабыл алуу үчүн мааниси бар фактылар жана көз караштар гана көрсөтүлүшү кажет. Отчёттун ар бир темасы өзүнчө абзац менен берилүүгө тийиш (мисалы, окуучуларды сурамжылоонун жыйынтыктары окуу жайдын жетекчилигин сурамжылоодон өзүнчө болушу керек).

Эксперттик комиссия үчүн аккредитациялоону өткөрүүнүн жана жыйынтык отчётту жазуунун эрежелерин бекем кармануу милдеттүү болуп саналат.

Эксперттик комиссиянын мүчөлөрүнө өтө чоң сунуш-өтүнүч – программаны же окуу жайды максималдуу объективдүү жана калыс баалоодо жатат. Эксперттердин көз карандысыз тышкы баалоосу программа же окуу жай тарабынан аккредитациялоону алуу үчүн гана чоң мааниге ээ болбостон, ошондой эле алардын кийинки сапаттуу өнүгүшү үчүн да өтө баалуу.

### 3.4. Тышкы баалоонун жыйынтыктары, сунуштамалар жана тыянактар

«Тышкы баалоонун жыйынтыктары, сунуштамалар жана тыянактар» бөлүмүндө эксперттер өзүнөзү баалоо боюнча отчётко, аккредитациялык стандарттардын аткарылышынын күчтүү жана алсыз жактарына өз баалоолорун, аккредитациялоо боюнча сунуштамаларды жана чечимдердин долбоорун берүүгө тийиш. Корутундулар таянып жасалган бардык маалыматтар көрсөтүлүшү керек же бул маалыматтарды табууга мүмкүн болгон жерлерге шилтеме берилиши зарыл. Эгер эксперттер формулаларды же салыштыруу үчүн башка булактардан маалыматтарды пайдаланган болсо, аларды да көрсөтүү кажет же аларды таба турган жерге шилтеме берилиши керек (мисалы, Тиркеме №1, 12-14-бб.).

Окуу жайга баруу менен катар анын өзүн-өзү баалоо боюнча отчётун карап чыгуу эксперттик комиссиянын ишинин негизги компоненти жана жыйынтыктоочу отчётту түзүү үчүн база болуп саналат. Эксперттик комиссияга өзүн-өзү баалоо боюнча берилген отчёттогу маалыматтардын окуу жайдын өзүндөгү иштердин чыныгы абалына шайкеш келүүсүн аныктап чыгууга көп көңүл буруу сунушталат.

Бул суроо боюнча корутундулар окуу процессинин бардык негизги катышуучуларын (окуу жайдын жетекчилигин, окутуучулар курамын, окуучуларды, алардын ата-энелерин, социалдык өнөктөштөрдү) сурамжылоонун топтоштурулган жыйынтыктарынын, ошондой эле сабакка катышып байкоо жүргүзүү, техникалык потенциалды физикалык карап чыгуу, окуу жайдын окуу-методикалык жана кадрдык базасын талдоо (анализ) боюнча маалыматтардын негизинде жасалууга тийиш. Мындан тышкары, окуу жайдын сапат менеджмент системасынын абалына да көңүл бурулушу зарыл. Ошондой эле программанын же окуу жайдын алсыз жана күчтүү жактарына өзгөчө көңүл буруу керек.

Окуу жайдын өзүн-өзү баалоо боюнча отчёттун маалыматтары менен чыныгы абал төп келбеген учурда келип чыккан жыйынтыктарды баса белгилеп жана ага өзгөчө көңүл буруу зарыл.

Мындан тышкары, эксперттер окуу жайдын же программанын ишмердүүлүгүнүн ар бир аккредитациялык стандарттар боюнча шайкеш келүүсүнө макулдашылган негиздемеленген баалоону бериши керек. Жалпы баалоо менен эксперт (эксперттер) макул болбогон учурда анын (алардын) өзгөчөлөнгөн (айырмалуу) көз карашы аргументтер менен берилиши зарыл.

Тыянактар ар бир стандарт боюнча жасалышы керек – аткарылып жатат (анчейин олуттуу эмес эскертүүлөр менен), аткарылбай келет (көрүнүктүү эскертүүлөр менен). Алардын, тышкы баалоонун

жыйынтыктарынан логикалык түрдө келип чыгышы кажет. Бөлүмдүн милдеттүү бөлүгү – программаны же окуу жайды аккредитациялоо боюнча тигил же бул чечимдерди кабыл алуу тууралуу эксперттик комиссиянын негиздемеленген сунуштамалары.

Эгер комиссия кайсыл бир маселе боюнча консенсуска келе албаган учурда жана бир же бир нече эксперттерде башкача көз караш жаралган учурда, ошол көз караштты отчёттун бул бөлүмүндө аргументтери бар өзгөчө көз караш катары чагылдыруу да маанилүү.

Ошондой эле билим берүү программасынын сапатын жогорулатуу жана окуу жайды өнүктүрүү боюнча сунуштамалар түзүлүшү керек.

Сунуштамалар окуу жайдын же программанын аныкталган алсыз жактарын жакшыртууга, ошондой эле аккредитациялоонун стандарттарынын толук жана сапаттуу аткарылышына багытталууга тийиш.

- Бөлүмдүн аягында төмөнкүлөр берилиши керек: өзүн өзү баалоо отчёту; - ар бир стандарт боюнча күчтүү жактар;
- ар бир стандарт боюнча алсыз жактар;
- ар бир стандарттын аткарылышын баалоо;
- жакшыртуу боюнча сунуштамалар;
- аккредитациялык чечимдер боюнча эксперттик комиссиянын сунуштамалары.

### 3.5. Тиркемелер

Бул бөлүмдө, анын негизинде отчёт жасалган, башталгыч (таяныч) маалыматтар камтылышы кажет. Суроо баракчаларына келе турган болсок, топтомдолгон жыйынтыктарды берүү жетиштүү. Ошондой эле баарлашуулардын протоколдорун жана сабактарга кирип байкоо жүргүзүү баракчаларынын кийирүү сунушталат. Эгер мамлекеттик органдар же эл аралык уюмдар тарабынан топтолгон статистикалык маалыматтар колдонулган болсо, анда ал материалдардын булактарына көрсөтмө берүү менен, алардын кагазга басып чыгарылган версиясы да сунушталышы милдеттүү.

Ар бир тиркеме жаңы барактан башталышы керек, анын аталышы болот жана ар бир барак өсүү тартибинде номурланууга тийиш (мисалы, Тиркеме №1, Тиркеме №2 ж.б.). Материалдын тышкы көрүнүшү мыкты болушу үчүн тиркеменин барактарынын санын минималдаштыруу сунушталат.

# 10. КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ ОКУУ ЖАЙЛАРЫН ЖАНА ПРОГРАММАЛАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО БОЮНЧА РЕФЕРЕНТТЕР ҮЧҮН КОЛДОНМО

**Референт аккредитациялоону уюштуруу жана өткөрүү боюнча башкы жооптуу тарап болуп саналат. Анын ишмердүүлүгү аккредитациялык агенттиктин ченемдик (нормативдик) документтери тарабынан жөнгө салынат. Референт бүткүл аккредитациялоонун жүрүшүн тиешелүү ченемдик (нормативдик) документтерге ылайык көзөмөлдөйт. РЕФЕРЕНТТИН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ**

**Референттин милдеттери:**

• Аккредитациялык процессти башынан аягына чейин уюштуруу;

• Эксперттерди тиешелүү маалыматтык материалдар жана өзүн-өзү баалоо боюнча отчёттор менен өз убагында камсыз кылуу;

• Эксперттик комиссиянын жыйынтык отчётунун ченемдик (нормативдик) документтерге ылайык даярдалышын көзөмөлдөө;

• Аккредитациялык чечимдерди кабыл алуу үчүн тиешелүү материалдарды даярдоо;

• Аккредитациялык чечимдерди кабыл алуу үчүн Аккредитациялык кеңештин мүчөлөрүн тиешелүү материалдар менен өз убагында камсыз кылуу;

• Аккредитациялоо процессин өнүктүрүүгө катышуу.

**Референттин укуктары:**

• Аккредитациялоонун каалаган этабында эксперттин ишин токтото туруу;

• Аккредитациялоонун каалаган этабынан экспертти артка чакырып алуу.

**АККРЕДИТАЦИЯЛООНУ ӨТКӨРҮҮ ПРОЦЕССИ**

1. Даярдык этабы
2. Окуу жайга баруу
3. Жыйынтыктоочу отчётту даярдоо

**1. Даярдык этабы**

- Тиешелүү маалымат материалдар менен кошо катты окуу жайга жөнөтүү;
- Окуу жайдын өкүлдөрүнө кеңеш  маалыматтарды берүү;
- Арызды, документтерди жана окуу жайдын өзүн-өзү балоо материалдарын кабыл алуу;
- Документтерди жана өзүн-өзү балоо боюнча отчетту текшерүү;
- Аккредитациялоо жүргүзүү тууралуу окуу жай менен келишим түзүү; - Иш графигин макулдашуу;
- Окуу жайга баруунун планын түзүү;
- Эксперттик комиссияны тандоо жана түзүү;
- Эксперттерге жетекчилик көрсөтмө берүү;
- Эксперттердин объективдүүлүк жөнүндө арыздарга кол коюшу;
- Эксперттер үчүн аккредитациялоо боюнча керектүү документтерди берүү;
- Окуу жайда интервью өткөрүүнүн убактысын макулдашуу;
- Эксперттик комиссиянын иштөө, тамактануу жана жашоо шарттарын уюштуруу боюнча маселелерди окуу жай менен чечишүү;

**2. Окуу жайга баруу**

- Окуу жайга баруу учурунда эксперттерди  коштоп жүрүү;
- Баруу Программасынын так аткарылышын көзөмөлдөө;
- Интервьюну уюштуруу жана протоколдоо;
- Жыйынтык отчёт үчүн материалдардын даярдалышын көзөмөлдөө (анын окуу  жайга баруунун аяктаган учурунда жыйынтыкталышы жакшы);
- Эксперттин ишке даярдык тууралуу арызынын шарттарын  аткаруу жаатында эксперттерди көзөмөлдөө.

**3. Жыйынтыктоочу отчётту жана Аккредитациялык кеңеш үчүн материалдарды даярдоо**

- Утурлама материалдарды текшерүү, жыйынтыктоочу отчётту түзүүдөгү сунуштамалар, кеңеш маалыматтар;
- Жыйынтыктоочу отчётту окуу жайга жөнөтүү жана зарыл болгон учурларда аны корректировкалоо;
- Жыйынтыктоочу отчётту окуу жайга жана эксперттерге жөнөтүү;
- Аккредитациялык кеңешке чечимдерди кабыл алуу үчүн бардык керектүү материалдарды берүү;
- Даттануунун негизделгендигин текшерүүнү уюштуруу;
- Акыркы чечимди кабыл алуу үчүн материалдарды даярдоо;
- Аккредитациялык процессти өркүндөтүү  боюнча сунуштар.

# 11. АККРЕДИТАЦИЯЛЫК АГЕНТТИКТИН АЛДЫНДАГЫ АККРЕДИТАЦИЯЛЫК КЕНЕШ ТУУРАЛУУ ЖОБО

1. **Жалпы жоболор**
2. **Кеңештин милдеттери**
3. **Кеңештин функциялары**
4. **Кеңештин укуктары жана милдеттери**

5. **Ишмердүүлүктү уюштуруу**
6. **Кеңештин мүлкү, каржылык жана чарбалык ишмердүүлүгү**
7. **Жобого өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду кийирүү. Жоюу (ликвидациялоо) жана кайра түзүү (реорганизациялоо)**

## 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1.1. Аккредитациялык агенттиктин алдындагы Аккредитациялык кеңеш (мындан ары - Кеңеш) агенттиктин эл аралык практикасына жана стандарттарына ылайык кесиптик билим берүү программаларын же окуу жайларын аккредитациялоо боюнча чечимдерди кабыл алуу максатында түзүлөт.

1.2. Кеңеш аккредитациялоо боюнча чечимдерди кабыл алуучу жогорку орган болуп саналат.

1. 3.Кеңеш өзүнүн ишмердүүлүгүндө Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана мыйзамдарын, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик-укуктук актыларын, эл аралык нормаларды жана Аккредитациялык агенттиктин ченемдик документтерин жетекчиликке алат.

1.4. Кеңештин ишмердүүлүгү Башталгыч жана орто кесиптик билим берүү агенттиги, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги, Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлиги, кесиптик билим берүү уюмдары, бизнес-коомчулук, профсоюздар жана жарандык сектор, ошондой эле билим берүү кызматтарынын керектөөчүлөрү менен социалдык өнөктөштүк принциптерине негизделет.

## 2. КЕҢЕШТИН МИЛДЕТТЕРИ

2.1. Кеңештин негизги милдеттери төмөнкүлөр:

- Кыргыз Республикасындагы кесиптик билим берүүнүн сапатын жана атаандаштыкка туруштук берүүсүн билим берүүнүн сапатын жогорулатууга көмөктөшкөн, объективдүү жана ачык-айкын аккредитациялык чечимдерди кабыл алуу аркылуу улуттук жана эл аралык деңгээлдерде жогорулатуу;
- сапат кепилдигинин механизмдерин өркүндөтүү жана кесиптик билим берүүнүн сапаты тууралуу объективдүү жана ишенимдүү маалыматтар менен коомчулукту камсыз кылуу;
- кесиптик билим берүүнүн сапаты жаатында билим берүү саясатын алга жылдыруу.

2.2. Кеңеш, Кыргыз Республикасынын учурдагы мыйзамдары тарабынан каралган, кесиптик билим берүү программаларын жана уюмдарды аккредитациялоо боюнча чечимдерди кабыл алат, алар төмөнкүлөр:

1) институционалдык аккредитациялоо – билим берүү уюмунун макамын (статусун) жана сапатын белгиленген чен-өлчөмдөргө жана стандарттарга шайкеш келишин аныктоо (тастыктоо);
2) программалык аккредитациялоо – окуу жайдын билим берүү программаларынын белгиленген чен-өлчөмдөргө жана стандарттарга шайкеш келишин аныктоо (тастыктоо).

## 3. КЕҢЕШТИН ФУНКЦИЯЛАРЫ

Кеңештин негизги функциялары болуп төмөнкүлөр саналат:

- бул Жобонун милдеттерин ишке ашыруу;
- эксперттик комиссиянын тышкы баалоосунун натыйжалары боюнча жыйынтыктоочу отчёттордун негизинде чечимдерди кабыл алуу; - байкоо жүгүзүү (мониторинг) жана баалоо, агенттиктин ишинин алкагында коомчулук менен иш алып баруу;
- агенттиктин эл аралык кызматташтыгынын алкагында биргелешип иш алып баруу, маалыматтарды топтоо жана талдоо (анализ);
- билим берүү программасынын же уюмдарынын аккредитациялоодон ийгиликтүү өтүшүнөн кийин тастыктамаларды (сертификаттарды) берүү ;
- аккредитациялык чечимдерге карата билим берүү уюмдарынын апелляцияларын карап чыгуу жана алар боюнча чечимдерди кабыл алуу.

## 4. КЕҢЕШТИН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

4.1.Өзүнүн функцияларын жүзөгө ашырууда Кеңеш өзүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде төмөнкүлөргө укуктуу:

- бекитилген тартипте көз карандысыз эксперттерди апелляциялык иштерди кароо үчүн тартуу;
- аккредитациялоо боюнча ишмердүүлүктү жүзөгө ашырып келген эл аралык мекемелердин ишине катышуу;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык башка укуктарды жүзөгө ашыруу.

4.2. Кеңештин милдеттери:

- Кыргыз Республикасынын жана Кеңештин мыйзамдары жана башка ченемдик-укуктук актылары тарабынан бекитилген тартипте аккредитациялык чечимдерди кабыл алуу;
- аккредитациялык чечимдерди кабыл алуу процессинин объективдүүлүгүн, ишенимдүүлүгүн жана ачык-айкындыгын камсыз кылуу;
- аккредитациялык чечимдерге карата апелляцияларды карап чыгуу боюнча ишке иш билги (компетенттүү), көз карандысыз эксперттерди тартуу;
- Агенттиктин ишинин алкагында аккредитациянын жыйынтыктары тууралуу маалыматтарды жарыялоо.

**5. ИШМЕРДҮҮЛҮКТҮ УЮШТУРУУ**

5.1. Кеңештин курамы мамлекеттик сектордон, жумуш берүүчүлөр ассоциацияларынан жана бизнес-коомчулуктарынан, жарандык коомдон жана профсоюздардан Агенттиктин сурамы боюнча кызматкерлерди 6 жылдык мөөнөткө номинациялоо жолу менен түзүлөт. Кеңештин мүчөлөрүнүн курамынын үчтөн бири эки жылда бир жолу жаңыланып турат. Кеңештин мүчөлөрүнүн саны Агенттик тарабынан аныкталат.

5.2. Кеңештин чечимдери отурумга катышкан Кеңештин мүчөлөрүнүн добуштарынын жөнөкөй көпчүлүгү менен кабыл алынат. Добуштар тең болуп калган учурларда, добуштардын жөнөкөй көпчүлүгү жетишилгенге дейре, кайрадан добуш берүү жүргүзүлөт. Отурумдар Кеңештин мүчөлөрүнүн ар биринин өздүк катышуусунда гана өткөрүлөт. Кворум – Кеңештин мүчөлөрүнүн жалпы санынан ½ аз болбогондо эсептелинет;

5.3. Кеңештин төрагасы - добуш берүүгө катышпай турган, Аккредитациялык агенттиктин директору Кеңештин отурумун алып барат.

**7. ЖОБОГО ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ ЖАНА ТОЛУКТООЛОРДУ КИРГИЗҮҮ, ЖОЮУ (ЛИКВИДАЦИЯЛОО) ЖАНА КАЙРА ТҮЗҮҮ (РЕОРГАНИЗАЦИЯЛОО)**

7.1.Бул Жобого карата өзгөртүүлөр жана толуктоолор Агенттик тарабынан иштелип чыгат жана бекитилет.

7.2.Кеңешти жоюу (ликвидациялоо) же кайра түзүү (реорганизациялоо) Агенттиктин чечиминин негизинде жүргүзүлөт.

# 12. КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ЖАНА ОКУУ ЖАЙЛАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО БОЮНЧА ЧЕЧИМДЕРДИ КАБЫЛ АЛУУНУН ЭРЕЖЕЛЕРИ

**1.** Кесиптик билим берүү программаларын же окуу жайларын аккредитациялоо боюнча чечимдер Аккредитациялык агенттиктин алдындагы Аккредитациялык кеңеш тарабынан кабыл алынат. Аккредитациялык кеңеш тарабынан бекитилген, кесиптик окуу жайларды (программаларды) аккредитациялоонун натыйжалары чечимдерди кабыл алуу үчүн ченемдик (нормативдик) база болуп саналат.

**2.** Аккредитациялык кеңеш, эгер аккредитацияланып жаткан окуу жайдан жыйынтыктоочу отчётту алган учурдан тартып эки жума аралыгында жазуу түрүндөгү эч кандай каршылык келип түшпөсө, эксперттик комиссиянын жыйынтыктоочу отчётун талкуулоонун негизинде аккредитациялоо боюнча

чечимдерди кабыл алат. Талкуунун алдында эксперттик комиссиянын төрагасынын доклады жана, зарыл болгон учурларда, окуу жайдын жетекчисинин маалыматы угулат.

**3.** Кесиптик билим берүүчү окуу жай тарабынан каршылыктар болгон учурларда чечим эксперттик топтун түзөтүлгөн (коррекцияланган) жыйынтыктоочу отчётунун негизинде, же болбосо, эгер эксперттик комиссия жана окуу жай бирдиктүү көз карашка келише албаган учурларда, жыйынтыктоочу отчёт менен окуу жайдын каршылыгынын негизинде кабыл алынышы керек.

**4.** АК отурумун анын төрагасы – Агенттиктин директору алып барат, анын добуш берүү укугу жок болот. Аккредитациялык кеңештин төрагасы жок болгон учурда аны Агенттиктин директорунун орун басарларынын бири алмаштырат.

**5.** Чечим добуштардын жөнөкөй көпчүлүгү менен кабыл алынат. Аккредитациялык Кеңештин төрагасы добуш берүүгө катышпайт.

**6.** Кабыл алынган чечим менен окуу жайдын жазуу түрүндөгү келишпестиги орун алган учурларда, Аккредитациялык кеңеш акрредитациялоонун материалдарын көз карандысыз эксперттерге жөнөтөт жана аккредитациялык ишти эксперттердин маалыматтарын эске алуу менен кайрадан карап чыгат. Кабыл алынган чечим акыркы болуп саналат жана кийинки кароолорго жол берилбейт.

# 13. КЕСИПТИК ОКУУ ЖАЙЛАРЫН ПРОГРАММАЛАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛООНУН НАТЫЙЖАЛАРЫ

| № | Эксперттик комиссиянын корутундусу | Чечим | Натыйжалар |
|---|---|---|---|
| 1. | Окуу жай (программа) аккредитациялык стандарттар жана чен-өлчөмдөр (критерийлердин) боюнча талаптарга жооп берет (өтө маанилүү эмес эскертүүлөр менен). Өзүн-өзү баалоо боюнча отчет эксперттик комиссия тарабынан сапаттуу катары таанылган. | 5 жылга аккредитациялоо | Аккредитациялоо мөөнөтү аралыгында бүтүрүүчүлөргө мамлекеттик же өздүк үлгүдөгү дипломдорду ыйгаруу укугу. Аккредитациялоо мөөнөтү аралыгында (мамлекеттик окуу жайлар үчүн) программанын (окуу жайдын) мамлекеттик каржылануусу сакталат |
| 2. | Окуу жай (программа) бир-эки аккредитациялык стандарттар боюнча талаптарга жооп бербейт (2-1 стандарт боюнча маанилүү эскертүүлөр бар). Өзүн-өзү баалоо боюнча отчёт эксперттик комиссия тарабынан сапаттуу катары таанылган. | Көрсөтүлгөн ири эскертүүлөрдү жоюу шарты менен 1 жылга шарттуу түрдө аккредитациялоо | 1 жыл аралыгында бүтүрүүчүлөргө мамлекеттик же өздүк үлгүдөгү дипломдорду ыйгаруу укугу. 1 жыл аралыгында (мамлекеттик окуу жайлар үчүн) программанын (окуу жайдын) мамлекеттик каржылануусу сакталат |
| 3. | 1 жылга аккредитацияланган окуу жай, 1 жыл аралыгында көрсөтүлгөн ири эскертүүлөрдү толугу менен жойгон | 4 жылга аккредитациялоо | Аккредитациялоо мөөнөтүнүн аралыгында бүтүрүүчүлөргө мамлекеттик же өздүк үлгүдөгү дипломдорду ыйгаруу укугу. Аккредитациялоо мөөнөттөрүндө (мамлекеттик окуу жайлар үчүн) программанын (окуу жайды) мамлекеттик бюджеттик каржылануусу сакталат |
| 4. | 1 жылга аккредитацияланган окуу жай (программа) 1 жыл ичинде көрсөтүлгөн ири эскертүүлөрдү жойгон эмес | Аккредитацияланбайт | Бүтүрүүчүлөргө мамлекеттик же өздүк үлгүдөгү дипломдорду ыйгаруу укугунун жоктугу. Каржылоонун жоктугу (мамлекеттик окуу жайлары үчүн) |

| № | Эксперттик комиссиянын корутундусу | Чечим | Натыйжалар |
|---|---|---|---|
| 5. | Окуу жай (программа) үч же андан да көп стандарттардын талаптарына жооп бербейт (үч же андан көп стандарттар боюнча маанилүү эскертүүлөр бар). Өзүн-өзү баалоо боюнча отчёт эксперттик топ тарабынан сапатсыз катары таанылган | Аккредитацияланбайт | Бүтүрүүчүлөргө мамлекеттик же өздүк үлгүдөгү дипломдорду ыйгаруу укугунун жоктугу. Каржылоонун жоктугу (мамлекеттик окуу жайлары үчүн) |

| | |
|---|---|
| Окуу жай | Мөөнөтү |
| Тема | Эксперт |
| Окуучулардын тизме боюнча саны | Окуучулардын чыныгы (фактылык) саны |
| Сабакта иш алып баруунун негизги формасы (керектүүсүн белгилеңиз)<br>Фронталдык сабак, жекече иштөө, жупташып иштөө, топтордо иштөө | Түшүндүрмөлөр |

# 14. САБАККА БАЙКОО ЖҮРГҮЗҮҮНҮН ФОРМУЛЯРЫ

**Беш баллдык шкала боюнча баалоо**

| № | Сабакты уюштуруу | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | Түшүндүрмө |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Сабак өз убагында башталат жана аяктайт | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | |
| 2 | Окуу бөлмөсүнүн (лабораториялардын жана устаканалардын) жасалгаланышы жана окуучулардын жайгаштырылышы сабакты жакшы өздөштүрүүгө көмөк көрсөтөт (мисалы, терезе/терезелер сол тарабынан орун алган) | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | |
| 3 | Окуучуларга жетиштүү санда окуу материалдары (окуу китептери, колдонмолор ж.б.у.с.) берилет | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | |
| 4 | Окуучулар үчүн окуу орундары жетиштүү санда каралган | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | |
| 5 | Окуу материалдары учурдун талаптарына жана сабактын максаттарына (окутуунун азыркы техникалык каражаттары: видеопроектор, компьютер, флипчарт, интерактивдик доска ж.б.у.с.) шайкеш келет | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | |
| 6 | Сабакта окутуу үчүн колдонулган жабдуулар жана жабдыктар чыныгы өндүрүштө колдонулуучу жабдыктарга жана жабдууларга окшош | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | ☐ | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 7 | Доскада окуу программасына туура келген, сабактын темасы жана максаты жазылган | ☐ ☐ ☐ ☐ ☐ | |
| 8 | Сабакта аткарылып жаткан иштердин, буюмдардын (өндүрүштүк окутуу сабагында) эталондук үлгүлөрү сабакта колдонулат жана көрүнүктүү жерде турат | ☐ ☐ ☐ ☐ ☐ | |
| 9 | Коопсуздук техникасынын эрежелери көрүнүктүү жерде жайгашкан (устаканада, окуу бөлмөдө) | ☐ ☐ ☐ ☐ ☐ | |
| 10 | Устаттын окуу-өндүрүштүк иштерди көрсөтүү үчүн өздүк иш орду бар | ☐ ☐ ☐ ☐ ☐ | |
| | *Эскертүүлөр (маанилүү, бирок жогорудагы суроолор менен камтылбаган жагдайлар)* | | |

| № | Сабактагы атмосфера | 1 2 3 4 5 | Түшүндүрмө |
|---|---|---|---|
| 11 | Окутуучу менен окуучулардын мамилелери өнөктөштүк | ☐ ☐ ☐ ☐ ☐ | |
| 12 | Сабактарда эркин атмосфера үстөмдүк кылат (окуучулар суроо бергенден, өз оюн билдирүүдөн тартынышпайт) | ☐ ☐ ☐ ☐ ☐ | |
| 13 | Окутуучу окуучуларга сыйчыл мамиле кылат | ☐ ☐ ☐ ☐ ☐ | |
| **№** | **Сабактагы атмосфера** | **1 2 3 4 5** | **Түшүндүрмө** |
| 14 | Окутуучу бардык окуучуларга убакыт бөлөт | ☐ ☐ ☐ ☐ ☐ | |
| 15 | Окутуучу окуу процессине бардык окуучуларды тартат | ☐ ☐ ☐ ☐ ☐ | |
| 16 | Окутуучу окуучуларды кызыктыра алат | ☐ ☐ ☐ ☐ ☐ | |
| | *Эскертүүлөр (маанилүү, бирок жогорудагы суроолор менен камтылбаган жагдайлар)* | | |
| **№** | **Окутуу процесси** | **1 2 3 4 5** | **Түшүндүрмө** |
| 17 | Сабакта көрсөтмөлүү материалдар/колдонмолор жетиштүү деңгээлде колдонулат (визуализация) | ☐ ☐ ☐ ☐ ☐ | |
| 18 | Окутуучу окуучуларды мотивациялайт жана алардын ийгиликтери үчүн кызыктыруучу сыйлыктарды берет | ☐ ☐ ☐ ☐ ☐ | |
| 19 | Сабакта аткарылуучу иштердин жеке (индивидуалдык) формалары тапшырмалардын максаттарына дал келет. | ☐ ☐ ☐ ☐ ☐ | |
| 20 | Сабакта кошумча медиа-каражаттар колдонулат | ☐ ☐ ☐ ☐ ☐ | |
| 21 | Тапшырмалар так жана түшүнүктүү түзүлгөн | ☐ ☐ ☐ ☐ ☐ | |
| 22 | Окутуу процессинде окутуучу инновациялык методдорду (интерактивдүү ыкмалар ж.б.у.с.) колдонот | ☐ ☐ ☐ ☐ ☐ | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 23 | Жаңы теманы өтүүдө окутуучу мурунку белгилүү болгондорго (жаңынын мурунтан белгилүү болгон маалыматтары менен байланышына) таянат | ☐ ☐ ☐ ☐ ☐ | |
| 24 | Тапшырмалар практикалык чечилишке багытталган жана чындык менен (практикада билимдерди пайдалануу билгичтиги) байланышкан | ☐ ☐ ☐ ☐ ☐ | |
| **№** | **Окутуу процесси** | **1 2 3 4 5** | **Түшүндүрмө** |
| 25 | Окуучулар бири-бирине тапшырмаларды аткарууда жардам беришет жана бири-биринен үйрөнүшөт, командалык дем өкүм сүрөт | ☐ ☐ ☐ ☐ ☐ | |
| 26 | Сабак окуучулардын материалды өздөштүрүүгө карата ар кыл жөндөмдүүлүктөрүн (визуалдык, аудио, тактилдик) эске алуу менен ар түрдүүчө курулган | ☐ ☐ ☐ ☐ ☐ | |
| | *Эскертүүлөр (маанилүү, бирок жогорудагы суроолор менен камтылбаган жагдайлар)* | | |

# 15. КЕСИПТИК ОКУУ ЖАЙЛАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО ПРОЦЕССИНДЕ ИНТЕРВЬЮНУН КАТЫШУУЧУЛАРЫНА КАРАТА БОЛЖОЛДУУ КАЙРЫЛУУ

## 1. ОКУУЧУЛАРГА КАЙРЫЛУУ:

**Саламатсыздарбы урматтуу окуучулар!**

Бүгүн Сиздердин окуу жай (Программа) көз карандысыз аккредитациядан өтүп жатат. Аккредитация – бул окуу жайды же билим берүү программасын баалоо. Ал окуу жайды же билим берүү программасын изилдөөнүн ар тараптуу процессин түшүндүрөт. А бирок, баалоодон тышкары, аккредитация дагы бир маанилүү максатты – окуу жайды же программаны жакшыртуу үчүн сунуштамаларды иштеп чыгууну көздөйт.

Көз карандысыз аккредитация дүйнөдө кесиптик билим берүүнүн сапатын жогорулатуунун жалпы кабыл алынган жана өтө натыйжалуу куралы болуп саналат. Аккредитация мындан 160 жыл мурун АКШда пайда болгон жана бүткүл дүйнө жүзү боюнча жайылган. Европада аккредитация 1999-жылдан баштап, Болон Декларациясына кол коюлган күндөн тартып колдонула баштаган.

Бизде көз карандысыз аккредитация 2009-жылдан бери иштеп келген Эл аралык кызматташтык боюнча Герман коомунун (GIZ) Программасынын жардамы менен кийирилген, бул үчүн биз аларга ыраазычылык билдиребиз.

Биз, Сиздердин окуу жайдын өнүгүп-өсүшүн жана дүйнөлүк эмгек рыногунда жогорку квалификациялуу жана атаандаштыкка туруктуу адистерди даярдап чыгарышын каалайбыз. Сиздер да ушуну каалап жатасыздар деп ойлойбуз. Ошондой болсо, анда Сиздер менен биздин максатыбыз жалпы – биз, Сиздердин окуу жайдын мыкты болушун каалайбыз.

**Сиздер окуу жайдагы башкы тарап болуп саналасыздар, себеби эгер Сиздер жок болсоңуздар, анда окуу жайдын кереги жок. Сиздер, окуу процесси кандайча жүрүп жаткандыгын башкалардан мыкты билесиздер, Сиздер башкаларга караганда окутуучуларды, устаттарды, лаборанттарды мыкты билесиздер. Сиздердин окуу жайдагы жашоо, окуу, эс алуу шарттарын Сиздер башкаларга караганда жакшы билесиздер. Мына дал ошондуктан Сиздердин кеңештериңиздер, эскертүүлөрүңүздөр, сунуштарыңыздар биз үчүн чоң роль ойнойт. Алар, бизге Сиздердин окуу жайдын мыкты болушуна мүмкүндүк берген жакшы сунуштамаларды түзүүгө жардам беришет.**

Биз Сиздер менен, окуу жайдын администрациясы жана кызматкерлеринен обочолонуп өзүнчө жалгыз сүйлөшүп жатабыз. Бул жерде айтылгандардын баары, бул бөлмөнүн сыртына чыкпайт. Ошондуктан ачык-айрым, тайманбастан өз пикирлериңерди билдириңиздер, тартынбаңыздар. Биз Сиздерге суроолорду беребиз жана аларга чынчыл, объективдүү жана ак ниеттүү жоопторду алууга ишенебиз!

## 2. АТА-ЭНЕЛЕРГЕ КАЙРЫЛУУ:

**Саламатсыздарбы урматтуу ата-энелер!**

Бүгүн Сиздердин балдар окуп жаткан окуу жай (программа) көз карандысыз аккредитациялоодон өтүп жатат. Аккредитация – бул окуу жайды же билим берүү программасын баалоо. Ал окуу жайды же билим берүү программасын изилдөөнүн ар тараптуу процессин түшүндүрөт. А бирок, баалоодон тышкары, аккредитация дагы бир маанилүү максатты – окуу жайды же программаны жакшыртуу үчүн сунуштамаларды иштеп чыгууну көздөйт.

Көз карандысыз аккредитация дүйнөдө кесиптик билим берүүнүн сапатын жогорулатуунун жалпы кабыл алынган жана өтө натыйжалуу куралы болуп саналат. Аккредитация мындан 160 жыл мурун АКШда пайда болгон жана бүткүл дүйнө жүзү боюнча жайылган. Европада аккредитация 1999-жылдан баштап, Болон Декларациясына кол коюлган күндөн тартып колдонула баштаган.

Бизде көз карандысыз аккредитация 2009-жылдан бери иштеп келген Эл аралык кызматташтык боюнча Герман коомунун (GIZ) Программасынын жардамы менен кийирилген, бул үчүн биз аларга ыраазычылык билдиребиз.

Биз, Сиздердин балдар окуган окуу жайдын өнүгүпөсүшүн жана дүйнөлүк эмгек рыногунда жогорку квалификациялуу жана атаандаштыкка туруктуу адистерди даярдап чыгарышын каалайбыз. Биз Сиздердин балдардын ийгиликтүү болушун каалайбыз. Сиздер да ушуну каалап жатасыздар деп ойлойбуз. Ошондой болсо, анда Сиздер менен биздин максатыбыз жалпы – биз, бул окуу жайдын мыкты болушун каалайбыз.

**Сиздер эң эле кызыкдар тарап болуп саналасыздар, себеби Сиздер, көп учурда билим алуудан көз каранды болуп келген, Сиздердин балдарыныздардын келечегине кызыкдарсыздар. Сиздер башкаларга караганда Сиздердин балаңыздар кандай окуганын, эмнени көздөп жашаганын, кандай көйгөйлөрү бар экендигин жакшы билесиздер. Ал Сиздерге бул окуу жайдагы окуу, эс алуу, жашоо шарттары тууралуу, келечектеги жумушка орношуу тууралуу пландарын арийне айтып берсе керек. Мына дал ошондуктан Сиздердин кеңештериңиздер, эскертүүлөрүңүздөр, сунуштарыңыздар биз үчүн чоң роль ойнойт. Алар, бизге Сиздердин балдарыңыздардын сапаттуу билим алуусуна көмөк көрсөткөн жакшы сунуштамаларды түзүүгө жардам беришет.**

Биз Сиздер менен, окуу жайдын администрациясы жана кызматкерлеринен обочолонуп өзүнчө жалгыз сүйлөшүп жатабыз. Бул жерде айтылгандардын баары, бул бөлмөнүн сыртына чыкпайт. Ошондуктан ачык-айрым, тайманбастан өз пикирлериңерди билдириңиздер, тартынбаңыздар. Биз Сиздерге суроолорду беребиз жана аларга чынчыл, объективдүү жана ак ниеттүү жоопторду алууга ишенебиз!

## 3. ОКУТУУЧУЛАРГА КАЙРЫЛУУ:

**Саламатсыздарбы урматтуу окутуучулар!**

Бүгүн Сиздердин окуу жай (программа) көз карандысыз аккредитациялоодон өтүп жатат. Аккредитация – бул окуу жайды же билим берүү программасын баалоо. Ал окуу жайды же билим берүү программасын изилдөөнүн ар тараптуу процессин түшүндүрөт. А бирок, баалоодон тышкары, аккредитация дагы бир маанилүү максатты – окуу жайды же программаны жакшыртуу үчүн сунуштамаларды иштеп чыгууну көздөйт.

Көз карандысыз аккредитация дүйнөдө кесиптик билим берүүнүн сапатын жогорулатуунун жалпы кабыл алынган жана өтө натыйжалуу куралы болуп саналат. Аккредитация мындан 160 жыл мурун АКШда пайда болгон жана бүткүл дүйнө жүзү боюнча жайылган. Европада аккредитация 1999-жылдан баштап, Болон Декларациясына кол коюлган күндөн тартып колдонула баштаган.

Кыргызстанда азыркыга чейин окуу жайларды же билим берүү программаларын баалоонун куралы болуп мамлекеттик аттестация саналып келет, дээрлик көпчүлүк өлкөлөр, анын көп сандаган ири кемчиликтеринен улам, андан баш тартышкан.

Бизде көз карандысыз аккредитация 2009-жылдан бери иштеп келген Эл аралык кызматташтык боюнча Герман коомунун (GIZ) Программасынын жардамы менен кийирилген, бул үчүн биз аларга ыраазычылык билдиребиз.

Биз, Сиздердин окуу жайдын өнүгүп-өсүшүн жана дүйнөлүк эмгек рыногунда жогорку квалификациялуу жана атаандаштыкка туруктуу адистерди даярдап чыгарышын каалайбыз. Биз Сиздердин жакшы шарттарда эмгектенишиңиздерди жана, Сиздерге жумушуңуздардын жагымдуу болушун каалайбыз. Биз Сиздердин окуу жайдын гүлдөп-өсүшүн каалайбыз. Сиздер да ушуну каалап жатасыздар деп ойлойбуз. Ошондой болсо, анда Сиздер менен биздин максатыбыз жалпы – биз, Сиздердин окуу жайдын мыкты болушун каалайбыз.

**Сиздер окуу жайдагы башкы кыймылдаткыч болуп саналасыздар, себеби Сиздердин окуу жайдын ишинин натыйжасы Сиздерден көз каранды. Сиздер, окуу процесси кантип жүзөгө ашырылып жаткандыгын башкалардан жакшы билесиздер, Сиздер башкаларга караганда окуу жайдын материалдык-техникалык жана окуу-методикалык базасын мыкты билесиздер. Сиздер Сиздин окуу жайдагы жашоо, окуу, эс алуу шарттарын башкаларга караганда жакшы билесиздер. Мына дал ошондуктан Сиздердин кеңештериңиздер, эскертүүлөрүңүздөр, сунуштарыңыздар биз үчүн чоң роль ойнойт. Алар, бизге Сиздердин окуу жайдын мыкты болушуна мүмкүндүк берген жакшы сунуштамаларды түзүүгө жардам беришет.**

Биз Сиздер менен, окуу жайдын администрациясынан обочолонуп өзүнчө жалгыз сүйлөшүп жатабыз. Бул жерде айтылгандардын баары, бул бөлмөнүн сыртына чыкпайт. Ошондуктан ачык-айрым, тайманбастан өз пикирлериңерди билдириңиздер, тартынбаңыздар. Биз Сиздерге суроолорду беребиз жана аларга чынчыл, объективдүү жана ак ниеттүү жоопторду алууга ишенебиз!

## 4. БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРГӨ КАЙРЫЛУУ:

**Саламатсыздарбы урматтуу бүтүрүүчүлөр!**

Бүгүн Сиздер аяктап жаткан окуу жай (программа) көз карандысыз аккредитациялоодон өтүп жатат. Аккредитация – бул окуу жайды же билим берүү программасын баалоо. Ал окуу жайды же билим берүү программасын изилдөөнүн ар тараптуу процессин түшүндүрөт. А бирок, баалоодон тышкары, аккредитация дагы бир маанилүү максатты – окуу жайды же программаны жакшыртуу үчүн сунуштамаларды иштеп чыгууну көздөйт.

Көз карандысыз аккредитация дүйнөдө кесиптик билим берүүнүн сапатын жогорулатуунун жалпы кабыл алынган жана өтө натыйжалуу куралы болуп саналат. Аккредитация мындан 160 жыл мурун АКШда пайда болгон жана бүткүл дүйнө жүзү боюнча жайылган. Европада аккредитация 1999-жылдан баштап, Болон Декларациясына кол коюлган күндөн тартып колдонула баштаган.

Бизде көз карандысыз аккредитация 2009-жылдан бери иштеп келген Эл аралык кызматташтык боюнча Герман коомунун (GIZ) Программасынын жардамы менен киргизилген, бул үчүн биз аларга ыраазычылык билдиребиз.

Биз, Сиздердин Альма-материңиздер, өнүгүпөсүшүн жана дүйнөлүк эмгек рыногунда жогорку квалификациялуу жана атаандаштыкка туруктуу адистерди даярдап чыгарышын каалайбыз. Сиздер да ушуну каалап жатасыздар деп ойлойбуз. Ошондой болсо, анда Сиздер менен биздин максатыбыз жалпы – биз, Сиздердин окуу жайдын мыкты болушун каалайбыз.

**Сиздер – бул окуу жайдын башкы натыйжасысыздар. Сиздер, окуу процесси кандайча жүзөгө ашырылгандыгын башкалардын жакшы билесиздер, Сиздер башкаларга караганда окутуучуларды, устаттарды, лаборанттарды жакшы билесиздер. Сиздер жумуш берүүчү тарап Сиздерди кандайча баалаганын, жумушка адаптацияланууу процессинде эмнелер Сиздерге кыйынчылык жараткандыгын билесиздер. Мына дал ошондуктан Сиздердин кеңештериңиздер, эскертүүлөрүңүздөр, сунуштарыңыздар биз үчүн чоң роль ойнойт. Алар, бизге Сиздердин окуу жайдын мыкты болушуна мүмкүндүк берген жакшы сунуштамаларды түзүүгө жардам беришет.**

Биз Сиздер менен, окуу жайдын администрациясы жана кызматкерлеринен обочолонуп өзүнчө жалгыз сүйлөшүп жатабыз. Бул жерде айтылгандардын баары, бул бөлмөнүн сыртына чыкпайт. Ошондуктан ачык-айрым, тайманбастан өз пикирлериңерди билдириңиздер, тартынбаңыздар. Биз Сиздерге суроолорду беребиз жана аларга чынчыл, объективдүү жана ак ниеттүү жоопторду алууга ишенебиз!

## 5. СОЦИАЛДЫК ӨНӨКТӨШТӨРГӨ КАЙРЫЛУУ:

**Саламатсыздарбы урматтуу өнөктөштөр!**

Бүгүн бул окуу жай (программа) көз карандысыз аккредитациялоодон өтүп жатат. Аккредитация – бул окуу жайды же билим берүү программасын баалоо. Ал окуу жайды же билим берүү программасын изилдөөнүн ар тараптуу процессин түшүндүрөт. А бирок, баалоодон тышкары, аккредитация дагы бир маанилүү максатты – окуу жайды же программаны жакшыртуу үчүн сунуштамаларды иштеп чыгууну көздөйт.

Көз карандысыз аккредитация дүйнөдө кесиптик билим берүүнүн сапатын жогорулатуунун жалпы кабыл алынган жана өтө натыйжалуу куралы болуп саналат. Аккредитация мындан 160 жыл мурун АКШда пайда болгон жана бүткүл дүйнө жүзү боюнча жайылган. Европада аккредитация 1999-жылдан баштап, Болон Декларациясына кол коюлган күндөн тартып колдонула баштаган.

Бизде көз карандысыз аккредитация 2009-жылдан бери иштеп келген Эл аралык кызматташтык боюнча Герман коомунун (GIZ) Программасынын жардамы менен кийирилген, бул үчүн биз аларга ыраазычылык билдиребиз.

Биз, бул окуу жайдын өнүгүп-өсүшүн жана дүйнөлүк эмгек рыногунда жогорку квалификациялуу жана атаандаштыкка туруктуу адистерди даярдап чыгарышын каалайбыз. Сиздер да ушуну каалап жатасыздар деп ойлойбуз. Ошондой болсо, анда Сиздер менен биздин максатыбыз жалпы – биз, бул окуу жайдын мыкты болушун каалайбыз.

**Сиздер – бул окуу жайдын продукциясынын башкы керектөөчүсү болуп саналасыздар. Сиздер, окуу жайдын бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик шык-билимдеринин (компетенцияларынын) сапаты канчалык экендигин башкалардан жакшы билесиздер. Сиздер башкаларга караганда бүтүрүүчүлөрдүн шык-билимдерине (компетенцияларына) эмнелер жетишпей жаткандыгын жана алардын жумушка адаптациялануу процессинде эмнелер кыйынчылык жараткандыгын мыкты билесиздер. Мына дал ошондуктан Сиздердин кеңештериңиздер, эскертүүлөрүңүздөр, сунуштарыңыздар биз үчүн**

**чоң роль ойнойт. Алар, бизге бул окуу жайдын мыкты болушуна мүмкүндүк берген жакшы сунуштамаларды түзүүгө жардам беришет.**

Биз Сиздер менен, окуу жайдын администрациясы жана кызматкерлеринен обочолонуп өзүнчө жалгыз сүйлөшүп жатабыз. Бул жерде айтылгандардын баары, бул бөлмөнүн сыртына чыкпайт. Ошондуктан ачык-айрым, тайманбастан өз пикирлериңерди билдириңиздер, тартынбаңыздар. Биз Сиздерге суроолорду беребиз жана аларга чынчыл, объективдүү жана ак ниеттүү жоопторду алууга ишенебиз!